Международная
организация
труда

Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана
илим министрлиги

# ФОРМАЛДУУ ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА
## МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО



**Балдар эмгегин
жоюу боюнча
эл аралык
программа
(ИПЕК)**

**Татыктуу эмгек маселелери боюнча техникалык колдоо Группасы
жана Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн ЭЭУдун Бюросу**

# ФОРМАЛДУУ ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

**Балдар эмгегин
жоюу боюнча
эл аралык
программа
(ИПЕК)**

**Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги**

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирикмесинин борбордук комитети**

**Татыктуу эмгек маселелери боюнча техникалык колдоо Группасы жана Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн ЭЭУдун Бюросу**

© Эл аралык эмгек уюму 2015
Биринчи басылыш 2015

Автордук укук тууралуу Дүйнөлүк конвенциянын 2-протоколуна ылайык Эл аралык эмгек бюросунун жарыялоолорунун автордук укугу корголот. Ошого карабастан алардан кыскача үзүндүлөр булактарды көрсөтүү шартында уруксат албастан колдонулушу мүмкүн. Колдонуу же которууга укукту алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылуу керек: ILO Publications (Rights and Permissions), International Labour Office, CH-1211, Geneva 22, Switzerland, же электрондук pubdroit@ilo.org почта боюнча. Эл аралык эмгек бюросу мындай кайрылууларды жактырат. Интеллектуалдык менчик уюмдарында катталган китепканалар, мекемелер жана башка колдонуучулар ушул максат үчүн берилген лицензияларга жараша көчүрмөлөрдү жасаса болот. Сиздин өлкөдө интеллектуалдык менчик уюмдарын табуу үчүн www.ifrro.org. сайтына кириңиз.

---

ЭЭУ-ИПЕК
*Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Эл аралык эмгек бюросу, балдар эмгегин жоготуу боюнча ЭЭУнун эл аралык программасы (ИПЕК)* – Бишкек, 2015.

ISBN: 978-92-2-830657-6 (print); 978-92-2-830657-3 (web pdf)

International Labour Office; ILO International Programme on the Elimination of Child Labour

Ошондой эле орус тилинде басылып чыгарылган: *Методическое пособие для учителей по неформальному образованию.* ISBN 978-92-2-430657-0 (print), 978-92-2-430658-7 (web pdf), Бишкек, 2015.

*Китептин библиографиялык баяндалышы*

---

**Авторлордон**

Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн бул методикалык колдонмо Тирандагы эл аралык эмгек уюму менен Корсанын «Балдарга жардам» уюмунун кызматашуусунда А.Маркьянын китеби боюнча басып чыгарылган, ал улуттук контекстке (А.Токтогулов, В. Бредихина) ылайыкташылган вариант болуп эсептелинет .

Бул басып чыгаруунун Германия Федеративдүү Республикасынын Өкмөтү (RER/11/51P/FRG долбоору). тарабынан камсыз кылынган.

Бул жарыялоо Германия Федеративдүү Республикасынын Өкмөтүнүн саясатын жана көз караштарын сөзсүз чагылдырбайт жана фирмалардын, коммерциялык буюмдардын жана уюмдардын айтылышы Германия Федеративдүү Республикасынын өкмөтү тарабынан жактырылгандыгы тууралуу күбөлөндүрбөйт.

---

Бириккен Улуттар Уюмунда кабыл алынган практикага ылайык келген аталыш жана ушул жарыялоодогу материалдын берилиши Эл аралык эмгек бюросунун кандайдыр бир өлкөнүн, райондун же территориянын же алардын бийлигинин укуктук макамы жөнүндө, алардын чек араларынын делимитациясы жөнүндө кандайдыр бир көз карашы болуп эсептелбейт.
Басылып чыккан макалаларда, изилдөөлөрдө жана башка чыгармаларда билдирилген көз караштар алардын гана авторлорунун жоопкерчилигинде жана жарыялоо факты Эл аралык эмгек бюросу баяндалган көз караштарды колдойт дегенди билдирбейт.
Фирмалардын, коммерциялык буюмдардын жана процесстердин мисал келтирилиши Эл аралык эмгек бюросу тарабынан колдоого алынганын билдирбейт, ошондой эле конкреттүү фирманын, коммерциялык буюмдардын же процесстин мисал келтирилбеши аларды колдобогондугу тууралуу күбөлөндүрбөйт.
Эл аралык эмгек бюросунун жарыялоолору жана алардын электрондук версиялары ири китеп дүкөндөрүндө сатыкта бар же дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн жергиликтүү Эл аралык эмгек уюмдарында бар; аларды Эл аралык эмгек уюмунун жарыялоо бөлүмүндө алса болот: ILO Publications, International Labour Office, CH-1211 Geneva 22, Switzerland. Ушул эле дарек, ошондой эле pubvente@ilo.org или на нашем сайте: www.ilo.org/publns электрондук почта боюнча ЭЭБ жарыялоо акысыз каталогун же акыркы басып чыгаруулардын тизмесин алса болот.
***Биздин вебсайтка кириңиз: www.ilo.org/ipec***

---

Бишкекте басылып чыккан, Кыргыз Республикасы

УДК 37.0

ББК 74.00

М 30

Бул колдонмо Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окуу-методикалык бирикменин №505/1 (5-август 2013-жыл) буйругунун жана Билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин №6 токтомунун (27.06.13 2013-ж.) негизинде чыгарууга уруксат берилди.

**Автор:** Албана Маркья – тренинг жана чеберчилик боюнча Билим берүү борборунун адиси.

**Дизайн жана түзүүчү:** Алгерт Камбо.

Колдонмо балдардын эмгегин жок кылуу боюнча эл аралык программанын колдоосу менен «Балдарды сатууну жок кылуунун жалпы программасы» долбоорунун алкагында иштелип чыккан.

**Албана Маркья**
**М 30** Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо.
– Б.: “Maxprint”, – 2013. – 40 с.

**ISBN 978-9967-31-080-3**

Методикалык колдонмо Албаниянын тандалган үч шаарында: Корса, Элбасан жана Берат, «Балдарды сатууну жок кылуунун жалпы программасы” долбоорунун алкагында, Тирандагы эмгекти уюштуруу (ILO-IPEC) Эл аралык программасында Корсанын «Балдарга жардам» уюмдарынын балдардын иштөөсүн жок кылуу боюнча Эл аралык программасы менен кызматашуусунда даярдалган.

Колдонмо «Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунда балдар эмгегинен эркин зоналарды түзүү» долбоорун алкагында, балдар эмгегин жок кылуу боюнча Эл аралык программа, Кыргыз Республикасында эмгекти уюштуруу боюнча Эл аралык программанын кызматташуусу менен (ICO-IPEC) “Балдардын Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирикмесинин Борбордук комитети тарабынан улуттук контекстке ылайыкташтырылган (А Токтогулов, В.Бредихина).

М 4304000000-13 УДК 37.0

ББК 74.00

ISBN 978-9967-31-080-3 © Албана Маркья, 2013

# МАЗМУНУ

**I БӨЛҮК. ФОРМАЛДУУ ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАҢЫЗЫ ..................................... 6**

1.1. Формалдуу эмес окутуу жана анын артыкчылыгы ............................................................ 6

1.3. Формалдуу эмес билим берүүнүн окуу программаларынын мазмунунун өзгөчөлүктөрү ........................................................................................................ 9

**II БӨЛҮК. НАТЫЙЖАЛУУ САБАК БЕРҮҮ ЖАНА ФОРМАЛДУУ ЭМЕС ОКУТУУДА МАТЕРИАЛДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ ...................................................................... 19**

2.1. Мугалим жана натыйжалуу окутуу............................................................................ 19

2.2. Окутуу процесси ......................................................................................................... 21

2.3. Балдарга багытталган  тапшырамалар менен иштөөнүн методдору. ............................... 23

2.4. Формалдуу эмес билим берүүнүн методдору жана ыкмалары ........................................ 26

**III БӨЛҮК. ФОРМАЛДЫК  ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ САБАКТАР ........................................................................................ 31**

**КОРУТУНДУ ........................................................................................................... 41**

# КИРИШҮҮ

Формалдуу эмес билим берүү боюнча Методикалык колдонмонун максаты Кыргыз республикасында формалдуу эмес билим берүү топторунда же класстарында иштей турган бардык мугалимдерге жардам болуп эсептелет. Бул колдонмонун жардамы менен авторлор окуу программасында, окутуу методикасында жана окуучулар материалды өздөштүрүүсүндө бар болгон жетишпестиктерди толтурууга аракет кылышкан. Бул колдонмо иштеген балдарды же социалдык-экономикалык себептер боюнча өзүнүн курдаштарынан өнүгүүсү боюнча калып калган, балдар эмгегине жана адамдарды сатууга тартылуу тобокели зонасында болгон балдарды окуткан мугалимдерге жардам берет деп божомолдойт.

Бул методикалык колдонмону иштеп чыгуу Кыргызстандагы ICO-IPEC бюросу каржылаган «Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунда балдар эмгегинен эркин зоналарды түзүү» долбоорун ишке ашырууга байланыштуу мүмкүн болду. Кыргызстанда бул долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында сегментардуу стратегияны ишке ашыруунун жардамы менен балдарды сатуунун ар түрдүү көйгөйлөрүн чечүү үчүн натыйжалуу курал катары иш-чаралардын комплекстүү программасы иштелип чыккан. Чаралардын программасы ошондой эле формалдуу эмес билим берүүнүн жардамы менен өткөрүлгөн иш-чараларды камтыйт, алар бул категорияга кабылган балдарга формалдуу мектепке барган өзүлөрүнүн курдаштарынан өнүгүүсү жагынан артта калбаганга мүмкүнчүлүк берет.

**Методикалык колдонмонун милдеттери**

Формалдуу эмес билим берүү боюнча методикалык колдонмо окуу программасынын мазмуну, аны формалдуу эмес билим берүү окутуу аркылуу окуучулардын өздөштүргөнү менен байланышкан, көйгөйлөрдүн кенен арымы үчүн альтернативдүү чечимдерди сунуштайт. Колдонмо бөлүктөргө бөлүнгөн. Ар бир бөлүктүн максаты – концепцияларды талкуулоо жолдору аркылуу жана класста аткарса боло турган жумуштардын практикалык жолдорунун мисалдарын көрсөтүү менен, окутуунун кандайдыр бир көз караштарын талдоо.

- I Бөлүк формалдуу эмес билим берүүдөгү окуу программасын карайт. Негизги идея предметтин окуу программасынын мазмуну сабактарды бириктирген жана кошумча окуу сабактарынын программасы менен кошумчаланган болушу керек.
- II Бөлүк окуучулардын натыйжалуу окуп-үйрөнүүсүнүн өзгөчөлүгүн карайт. Бул окутуунун методдорунун жана методикаларынын, ошондой эле окутуунун ушундай формасында окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн өзгөчөлүгүнүн жардамы менен жетишилет.
- III Бөлүк класстан тышкаркы сабактарды өтүүдөгү ар түрдүү практикалык иштеринин мисалдарын келтирет.

# I БӨЛҮК. ФОРМАЛДУУ ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАҢЫЗЫ

**Формалдуу эмес билим берүү** балдарга формалдуу билим берүү программасы боюнча окуган өзүлөрүнүн курдаштарынан өнүгүүсү жагынан артта калбай, мүмкүнчүлүк берген **окутуунун формасы** болуп эсептелинет.

Формалдуу эмес билим берүү мугалимге убакытты чыгармачылык менен пайдаланууга жана класста иштөө үчүн тапшырмаларды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

**Формалдуу эмес окутуудагы инклюзивдүү метод** балдар арасында ар түрдүүлүктү таанууну жана алардын жекечелигин эске алуу менен инсанга багытталган окутуу аркылуу окутууну камсыз кылууну билдирет.

**Формалдуу эмес окутуу:**

- кенен максат жана милдеттери;
- ийкемдүү түзүлүшү;
- кең маалыматтык толтуруу;
- практикалык тапшырмалардын жардамы менен программаны аткаруусу бар сапаттуу окуу планынын керектүү экендигин тастыктайт.

Окуу планы белгилүү курактагы балдарды кызыктырган, социалдык кубулуштарга негизделген окутуунун максаттарын сабактардын жардамы менен ишке ашырат.

## 1.1. Формалдуу эмес окутуу жана анын артыкчылыгы

Азыркы учурда бардыгына багытталган окутуунун программаларын иштеп чыгууга аракет кылуу, балдарды сатуунун жана балдар эмгегинин негизги себептери менен күрөшүүнүн натыйжалуу ыкмаларынын бири болуп эсептелерине бардыгы макул.

Заманбап тажрыйба балдарды сатуу жана балдар эмгеги менен күрөшүүдө формалдуу окутуунун программаларын пайдалануунун позитивдүү жактарын көрсөттү. Формалдуу эмес окутуу ушул иштин алкагында оң көз караш болуп эсептелинет. Формалдуу эмес сабактарга барган балдар, белгилүү куракта окууну баштаган жана окуу сабактарына дайыма барган өзүлөрүнүн курдаштарын өнүгүүсүндө «кууп жетүүгө» мүмкүнчүлүк алышты.

Ошондой эле обочолонгон формалдуу эмес окутуу баланын кийинки өнүгүүсүнө дайыма эле мүмкүнчүлүк бере бербейт, ошондуктан формалдуу эмес окутуу формалдуу окутууга интеграцияланышы керектигин көрсөтүп турат. Формалдуу эмес окутуу мектепке дайыма барбаган балдарга окуунун, жазуунун жана математиканын негизин өздөштүрүүгө жардам берет.

Бүгүн окуу пландарынын реформаларынын алкагында, көбүрөөк көңүл академиялык эркиндикке жана класстагы мугалимдин көз карансыздыгына бурулуп жатат. Формалдуу эмес сабактар – бул мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгү, окуу мазмунуна жана тапшырмаларына идеяларды ишке ашыруу жана түзүү мүмкүнчүлүгү үчүн керектүү шарт. Окутуунун натыйжалуулугу төмөнкү факторлордон улам көтөрүлөт:

- Өзүнчө атайын  окуу программаларынын жоктугу.
- Мугалим өзү сабактардагы иш-чараларды пландаштырат.
- Бул класстарда сабактардын убакыттык созулушуна чек коюлган эмес, мугалим формалдык класстагыдай убакытка чектелбейт.
- Аткарып жаткан тапшырмалар бир сабактан көбүрөөк созулушу мүмкүн.
- Формалдуу эмес класста сабактын мазмунун мугалим аныктайт.
- Окутуунун методикасы, окутууда пайдаланылган методдор жана стратегиялар ар түрдүү жана интерактивдүү жана көпчүлүгү формалдык класстарга караганда көбүрөөк натыйжалуу.
- Формалдуу эмес класстагы сабак толугу менен традициялык сабактан айырмаланат, себеби ал балага, анын көйгөйлөрү менен бурулган.
- Упайларда баа берүүнүн жоктугу баланы психологиялык чыңалуудан жана басымдуулуктан бошотот.

### 1.2. Формалдуу эмес билим берүүдө окуу процессин уюштуруу.

Формалдуу эмес класстарда ар тараптан  окутуу бардык балдарга, маргиналдуу топту камтуу менен, окууга жана окутуу процессине активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берген процесс болуп эсептелинет. Ушул себептен улам мектеп балдардын ар түрдүү талаптарына дал келүү үчүн шарттардын өзгөрүүсүнүн керектигин жүргүзүү керек.

Формалдуу эмес класстарга барган окуучулар ар түрдүү. Ошондуктан,  ушул методика пайдаланылган класстар же топтор башкача болушу керек. Бул учурда айырмачылык курактарындагы айырмачылыктарга, материалдык абалына, жөндөмдөрүнө, маданиятына, динге ишенүүсүнө, жашаган жерине, ден-соолугунун абалына, социалдык жана этникалык тиешелүүлүгүнө  негизделет.

Ар тараптуулук ар түрдүүлүк түшүнүгү жакын термин болуп эсептелинет. Формалдуу эмес класста же топто ар тараптан окутуу балдар арасында ар түрдүүлүктү кабыл алууну жана ушул факторду билим берүү процессинде пайдаланууну билдирет. Биздин учурда, ар тарапттуулук «окуу материалын өздөштүрүүдө кыйынчылыктар жана окутуу процессинде активдүү катышуу» бар болгон балдар менен иштөө методдорун аныктоого жардам берет.

Мына ошентип, ар тараптуу окутуунун максаты – бардык балдарды окутуу керектиги жана көңүлдү окуучулардын өзүн-өзү оболончотууга жөндөмдүүлөргө жана сезимталдууларга, ким иштесе, кимди сатышса жана ким жакынкы убакта иштесе (тобокел тобу), аларды камтуу менен буруу.

Ар тараптуу сабак чөйрө болуп эсептелет, ал:

- Окутуунун кең суроолорунун тобуна жооп берет.
- Окуучулардын ар түрдүүлүгүнө жараша окутууну өзгөртөт.
- Мугалимге жана окуп жатканга ар башканы кабыл алууга жана алардын оң элементин окутууда кароого мүмкүнчүлүк берет.
- Болуп жаткан өзгөрүүлөр менен иштейт жана кабыл алат.

Ар тараптуу окутуунун идеясын бере алыш үчүн, ошондой эле окуучу өзүн окутууга камтылганын сезүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн, бир нече тапшырмаларды иштеп чыгуу жана аны өткөрүүнү пландаштыруу керек. Бул тапшырмалар окуучуларга окутуу процессинде өзүн эркинирээк жана көбүрөөк чыгармачыл сезгенге мүмкүнчүлүк берет.

Формалдуу эмес окутуунун максаты – маргиналдуу окуучулардын активдүүлүгүн көбөйтүү. Эгер окуучулар мектеп аларга кубанычтуу жана аларды окутууда активдүү катышууга мотивдештирүүгө бардык нерселерди жасайт деп ойлоно баштаса,

өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу жетишилет. Бул тапшырмалардын мазмуну бир гана ар тараптуу болбостон, ал балдарды тынчсыздандырган күнүмкү көйгөйлөр менен байланышта болушу керек деген фактыны түшүнүүгө түрткү берет.

**Өтүлүүчү темалардын мисалдары.**

***Тема: Менин маданиятым жана мен***

| | |
|---|---|
| ***Максаты:*** | Биздин жүрүм-турумубузга таасир эткен жана кээде башка адамдардын жүрүм –турумун түшүнүүнү татаалданткан маданияттын көз карашын аныктоо. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул тапшырманы бүткөндө окуучулар:<br>- ар түрдүү маданияттардын өзгөчөлүгүн айырмалай алышат;<br>-бар болгон адамдардын ортосундагы айырмалар ар түрдүү маданияттан, ал эми кээ бирөөлөрү – жеке тажрыйбанын жыйынтыгынан экендигин түшүндүрүп бере алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучу үчүн «Маданият» деген жазуу тапшырмасы. |

**Иштин баскычтары:**

1. Тактага же плакатка төмөнкү ойлорду жазыңыз:
   - «Эч ким даана мага окшош эмес»
   - «Менин үй-бүлөм жана коомчулук менен менде көп окшоштуктар бар»
   - «Дүйнөдө бардыгына белгилүү буюмдар керек, жана алар дагы мага керек»

2. Окуучуларды ушул ойлор тууралуу өзүлөрүнүн ойлорун айтуусун суранат. Бир топтогу адамдар көп учурда өзүнө башка социалдык топтогу, алардан айырмаланып турган адамдарды элестетишкенин белгилеп кетүү керек. Окуучуларды айырмачылыктын кээ бирөөлөрүн баяндоону суранышат. Эмне үчүн бир социалдык топтогу адамдар, башка топтун адамдарына караганда өзүн башкача алып жүрүшөт? Кандайдыр бир белгилүү топтун адамдарынын жүрүм-туруму жана көз караштары жөнүндөгү сөздөрдө окуучуларга, сөз, биринчиден, маданият тууралуу же, эгер чоң этникалык топ жөнүндө болсо, «мини маданият» жөнүндө айтылат деп түшүндүрүлөт.

3. Окуучуларды алардын маданиятын же мини маданиятын аныктоо максаттарында тапщырманы жазуу түрүндө аткарууну суранат. Алар өзүлөрү баа бериши керек жана суроолорду маанилүүлүк ирети менен жайгаштыруусу керек.

4. Тапшырманы бардыгы аткарган соң, окуучуларды топторго бөлүнүүнү (5-6 адамдан турган) жана өзүлөрүнүн тапшырмаларында эмнени жазганын талкуулоону суранат. Андан соң, окуучуларды өзүлөрүнүн тобунда алардын өздүк маданиятынын айырмаланган көз караштарын бөлүп берүүнү жана салыштырууну суранат.

**«Маданият» жазуу тапшырма**

Суроолорго жооп бергиле, андан соң сиздин маданиятыңызга ылайыктуу маанилүүлүк боюнча алардын иретин:

1. Сиздин тарыхый мекениңизде кайсы музыканы угушат жана кайсы ырды ырдашат?
2. Сиздин тарыхый мекениңиздин кандай бийлерин Сиз билесиз?
3. Сиздин үй –бүлөдө кайсы абдан өзгөчө тамак?
4. Сиздин улуттук кийимиңиз кандай?

***Тема:* Мен өзүмдүн мектебимди жакшы көрөм**

| | |
|---|---|
| ***Максаты*** | Окуучуларга мектептин идеалы тууралуу ойго келүүсүнө жардам берүү. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул тапшырманы бүткөндө окуучулар мектеп – бул билим алуу үчүн, кругозору кеңейиши үчүн идеалдуу жагымдуу шарт экендигин түшүнүшү керек. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучу үчүн кагаз жана калем сап. |

**Иштин баскычтары:**

Башында бардык окуучулар бир барак кагаз жана калем сап менен өзүлөрүнүн ордунда отурушат. Мугалим иш кантип жүрөрүн жана визуализация методу тууралуу айтып берет. (Визуализация – бул окуучулардын эмоционалдык катышуусун күчөтүү жана алардын мотивациясын көбөйтүү ыкмасы. Көпчүлүгүндө окуучуларга кандайдыр бир түшүнүк же кандайдыр бир буюм жөнүндө алардын элестөөлөрүнө ылайык ой менен элестетилген образды түзүүнү балдардан сурануу менен коштолот).

1. Мугалим окуучуларды көзүн жуумп жана бош отурууну суранат: «Көзүңөрдү жумгула жана бош отургула. Өзүңөрдүн дем алганыңарды уккула. Жаныңардагы үндөргө кулак салгыла. Уккула, андан соң ага көңүл бурбагыла… ж.б. Элестеткилечи, сиз мектепке мектеп сабагынын биринчи күнүндө бара жатасыз жана мектеп сиз кандай элестетсеңиз ошондой. Мектептин кире беришинде эмнени байкадыңар? Сиздин жаныңызда ким бар? Сизди мугалимдер жана директор кантип тосуп жатат? ж.б. Сиздин классыңыз кайсы? Мугалим өзүн кантип алып жүрөт? ж.б. (сиздин аудиторияңыздын өзгөчөлүгүнө жараша башка дагы суроолор берилсе болот).

2. Эми мугалим акырындап тапшырмага кайрылат. «Өзүңөрдүн дем алганыңарды же жаныңардагы үндөрдү уккула. Көзүңөрдү ачкыла жана бош болууну уланткыла». Андан соң мугалим окуучуларды муну тынч, бири-бири менен сүйлөшпөй аткарып жатканда кандай сезимдер пайда болгонун сөз, сүйлөм жазууну же сүрөт тартууну суранат. Андан кийин балдарды визуализация убагында элестеткен негизги учурларды жазууну суранат.

3. Окуучулар жуп менен же топто бири-бири менен эмнени жазганын талкуулашат. Талкуунун аягында алардын элестөөлөрүндөгү мектептин үч идеалдуу негизин тандап алышат жана өзүлөрүнүн корутундусун класс алдында көрсөтүшөт.

## 1.3. Формалдуу эмес билим берүүнүн окуу программаларынын мазмунунун өзгөчөлүктөрү

**Формалдуу эмес класста окутуу төмөнкү милдеттерди чечүү керектигин туудуртат:**

- Окуучулардын категорияларынын (жынысы, курак, социалдык деңгээл, даярдык даражасы ж.б.) атайын өзгөчөлүктөрүн эске алган сапаттуу жана туруктуу окуу програмаларын иштеп чыгуу.
- Окуучунун ийгилигине негизделген көрсөткүчтөрдүн талдоосу жана аларды бардык балдардын мотивациясы жана колдоосу үчүн пайдаланса болот.

**Формалдуу эмес класстар үчүн ылайыктуураак жана натыйжалуураак кылган окуу программасынын негизги элементтери:**

- Бардык окуучулар үчүн, алар ээ боло турган баалуулуктар жана көндүмдөр, билимдерди камтуу менен, формулировкаланган максат жана милдеттердин кең айланасы.
- Окуучулардын ар түрдүүлүгүнө, күнүмдүк турмушта дайыма кездешкен көйгөйлөрүнө жана суроолоруна ылайык келген ийкемдүү түзүлүш.
- Окутуунун мазмуну окуучулардын реалдуу коомдук көйгөйлөрү, орчундуу суроолору менен байланышкан билимдерге, көндүмдөргө жана баалуулуктарга ылайык келиши керек.
- Тапшырмалардын түрлөрү жана талкуулоо тематикалуу боюнча балдардын иштери менен байланышкан болушу керек,ал класстагы аудиториядан жана мектептин чегинен чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Мына ошентип, формалдуу эмес билим берүүнү өткөрүп жаткан мугалимдер, формалдуу окутуу боюнча балдар окуган предметтин окуу программасы менен байланышкан тапшырмалардын түрлөрүн пландаштырышы керек. Бирок, окуу планынын интерпретациясы тапшырма аркылуу жүргүзүлөт, алар окуучуларды бул предметтин чегинен чыгууга активдүү камтыйт.

Мисалы: математика боюнча тапшырма жана башка так илимдер ар түрдүү контекстерде окуучуларга бизди курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар ар түрдүү жаратылыш кубулуштары жөнүндө ой толгоо үчүн материал алышат. Окуучулар жаңы билимди күнүмкү турмуштагы көйгөйлөр менен бириктирсе абдан маанилүү. Сабактарда күнүмкү мектеп жана үй-бүлөлүк турмуштан статистикалык маалыматтарды пайдаланууга дагы болот.

Биз төмөнкү темаларды сунуштайбыз:

- «Математика үйдө»
- «Математика саякатта»
- «Математика базарда» ж.б.

Төмөнкү түшүнүктөрдү өтүү учурунда: классификация, ченөө, салыштыруу, корутунду ж.б. прикладдык материалдарды пайдалануу менен, мугалим көп мисалдарды келтириши керек. Балдардын көңүлүн предметтик түшүнүктөрдүн өзөктүү учурларына кармап калуу үчүн, мугалимге балдарга тааныш предметтер менен пайдалануу керек.

**Предмет: Математика: Бөлчөктөр**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларга бөлчөктөрдүн маанисин түшүндүрүү |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул жумуш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>-бөлчөктүн маанисин түшүндүрүп бере алышат<br>- эки бөлчөктү салыштыруу көндүмүн бекемдей алышат<br>- өзүнүн чечимин далилдей алышат<br>- коммуникативдик көндүмүн өнүктүрө алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучу үчүн калем сап жана кагаз<br>4 адамдан турган ар бир топ үчүн 8 карточка. Ар бир карточкада бир бөлчөк сан жазылган: 1\2; 1\3; 1\4; 2\3; 3\4; 3\2; 4\3; 5\4. |
| ***Убакыт:*** | 45 мүнөт |

**Иштин баскычтары:**

1. Окуучулар ар бир топто 4 гө санашат: 1 - окуучу, 2 - окуучу, 3-окуучу, 4 – окуучу. 1 –окуучу 8 карточканы аралаштырат жана ар бир окуучуга бирден берет. Окуучулар кимде эң чоң бөлчөктүк сан менен карточка экендигин аныкташы керек. Мындай окуучу упай алат.

2. Оюн улантылат, бирок азыр 2-окуучу карточкаларды аралаштырат жана таратат; андан кийин 3 жана 4 – окуучулар. Аягында топтогу жеңүүчү жарыяланат.

3. Мугалим оюн учурунда бул тапшырманы аткара албаган окуучуларга бөлчөктөрдү салыштырууга жардам берет. Сабактын аягында мугалим бөлчөктөрдү салыштыруунун ар түрдүү жолдору тууралуу айтып берет.

**Эскертүү:**

Өйдөдө келтирилген мисалда көрсөтүлгөндөй, мындай тапшырмалар интерактивдүү, кызыктуу жана татаал эмес көнүгүүлөр аркылуу аткарылат, алар окутуунун предметинин максатына жетүүгө жардам берет. Сабакты окуучуда белгилүү предметтер боюнча өзөктүү билимдер калыптанса, токтотсо болот.

Адабият, тил, тарых жана география боюнча сабактар мектептик окуу программаларынын маанилүү предметтери окуучунун жекече өнүгүүсү үчүн чоң мүмкүнчүлүктү берет, билим, жүрүм-турум, көз карашты камтуу менен, аларды бай жана динамикалуу маданий традицияларга ылайык ар түрдүү позициядан кароого, биздин коомдун көйгөйлүү кубулуштарын позитивдүү кабыл алууга жардам берет.

Аңгемени окуу, окуяны талкуулоо, географияны изилдөө ж.б. жардамы менен традициялардын маданий баалуулуктарына көңүл бурулат. Бул контекстте балдар жаңы адамдык мамилелердин жана жаңы адамдык баалуулуктардын түзүүчүлөрү болушат.

**Предмет: География**

| | |
|---|---|
| ***Максаты:*** | Окуучуларды Кыргызстандын географиялык абалы жана рельефи менен тааныштыруу |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул иш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- Кыргыз Республикасынын жайгашуусун картада жана глобуста аныктай алышат<br>- Кыргызстандын рельефинин негизги мүнөздөмөсүн айта алышат<br>- Өз жеринин кээ бир заманбап экологиялык көйгөйлөрүн белгилей алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Кыргыз Республикасынын физикалык картасы, ар бир бала үчүн Кыргызстандын физикалык жана саясий картасы, ар бир топ үчүн административдүү областардын чек араларынын сызыкчалары боюнча кесилген Кыргызстандын саясий картасы, ар бир бала үчүн А-4 форматындагы кагаздын барагы, ар бир топ үчүн плакат. |
| ***Убакыт:*** | 45 мүнөт |

**Иштин баскычтары:**

1. Киришүү бөлүгү. Окуучуларга кагазга чоң тамгалар менен «Кыргызстанда баргыҥ келген жерлер» жазуу үчүн 3 мүнөт берилет. Андай кийин ар бир окуучу, өзүнүн кагазын кармоо менен, классташтары эмне жазышканы тууралуу айтып беришет. Өзүнүн оюу менен бири-бири менен так коюлган убакытта бөлүшсө жана айтышса болот.

2. Окуучулурды жумушчу топторго бөлөт. Ар бир топко сызык боюнча административдик областардын чек аралары кесилген Кыргыз Республикасынын административдик картасын берет. Аны окуучулар кагаздын бетине чапташат. Андан соң ар бир топтун окуучулары областардын аттарын, областык борборлордун аныкташат, картадан өзүлөрүнүн жашаган жеринин жайгашуусун белгилешет. Топтор бул

тапшырманы, класста бар карта же атласты тактоо менен аткарышат. Белгиленген убакыттын аягында ар бир топтун өкүлдөрүнө жумуштун жыйынтыгы тартууланат.

3. Мугалим окуучуларга Кыргызстандын рельефинин өзгөчөлүгү тууралуу айтып берет, окуучулар менен тоо кыркалары жана тоо арасындагы өрөөнү жөнүндө эмне билери тууралуу талкуулоо менен. Жардамчы суроолорду берсе болот: Эмне үчүн Кыргызстанда көп жер титирөөлөр болот? Биздин өлкөдөгү коруктар тууралуу эмне билесиңер? Алар эмне кызмат кылышат? Тиги же бул райондордо кандай өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды жолуктурса болот? ж.б.

**Эскертүү:**

Тапшырманын киришүү бөлүгү окуучуларга алар билген маалымат менен бөлүшкөнгө жана өзүнүн эрудициясын көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Сунушталган методиканы пайдалануу менен, мугалим балдарга өзүндөгү ишенимди өнүктүрүүгө жана комуникативдүү көндүмдөрдү пайда кылууга жардам берет. Салыштыруу иретинде мугалим башка географиялык объектер жана рельефтердин жайгашуусу жөнүндө айтып берүү менен иштин ушул түрүн пайдаланса болот.

**Предмет: Эне тили**

| | |
|---|---|
| ***Максаты:*** | Кептин төл жана кыйыр мааниси жөнүндө түшүнүк берүү |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул иш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- төл жана кыйыр кепте колдонулган пунктуация белгилерин айырмалай алышат<br>- озеки жана жазуу кепте пунктуация белгилерин туура колдоно алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Мугалим тарабынан даярдалган жазуу тапшырмасы, кагаз, калем сап |
| ***Убакыт*** | 45 мүнөт |

**Иштин баскычтары:**

1. Мугалим алдын ала окуучулар үчүн карточкада жазуу иштерин даярдайт (мисалы):

| Төл сөз | Кыйыр сөз |
|---|---|
| «Сен менин туулган күнүмө келесиңби?» - Алмаз Сабинадан сурады. | |
| Андрей ойгонуп жана кыйкырды: «Ой! Мен мектепке уктап калган турбаймбы!». | |

| **Төл сөз** | **Кыйыр сөз** |
|---|---|
| | Мадина Айбекке , ал эртең экзамен тапшырат, ошондуктан ал толкунданып жатканын айтты. |
| | Усмон Еленага, жаштар Үйү борбордук парктын жанында жайгашкандыгы тууралуу айтты. |

1. Ар бир окуучу төл сөздөгү сүйлөмдү кыйыр сөзгө же тескеринче, тандап алган карточкага ылайык, өзгөртүү менен өзүнүн карточкасы менен иштейт.

2. Ишти бүтүп, окуучулар жупта тапшырманы туура аткаргандыгын аныкташат. Алар туура эмес колдонгон тыныш белгилерин оңдошуп жана тапшырманы өзүнүн ишинин акыркы вариантына келмейинче бири – бири менен талкуулашат.

3. Сабактын аягында ар бир жуп өзүнүн ишин тапшырма туура аткарылганын кароо үчүн класстын алдында көрсөтөт. Ката кетирген учурда мугалим кандай тыбыш белгилерин коюш керек болчу дегенди түшүндүрөт.

Формалдуу эмес класстарда же топтордо окулуп жаткан предметтин окуу программасы кандайдыр бир белгилүү предметке гана тиешелүү маселе коюлбаса, окуучулар үчүн натыйжалуу жана жагымдуу болот. Окуучулардын турмушуна таасир эткен социалдык кубулуштар менен тыгыз байланыштагы суроолор жана темалар менен иштөө менен, программаны аткаруу пайдалуу болмок.

Төмөндө коомдун турмушунун маанилүү тармактарынын кээ бирөөлөрү көрсөтүлгөн, алар тууралуу маалыматты тиги же бул предметтердин мазмунуна интеграцияласа болот:

- адам укугу боюнча билим берүү
- балдар эмгеги
- балдарды сатуу
- экология
- ден-соолук
- гендердик тең укуктуулук
- турмушта белгилүү ишмердүүлүктүн түрүнө даярдануу
- полимаданияттуу билим берүү
- конфликттерди чечүү жана сабырдуулук
- демократия
- дүйнө жана куралсыздануу
- майып балдарды расмий түрдө кабыл алуу жана аларды коомго интеграциялоо
- көчө билим берүүсү
- экономикалык билим берүү ж.б.

**Тема: Биздин укуктар**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларга алардын укугун окууда түрткү берүү, ошондой эле алардын маанилүүлүгүн (приоритеттерин) аныктоо |
| ***Күтүүлүчү натыйжа:*** | Бул жумуш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- Балдардын укугу жөнүндө Конвенцияда чагылдырылган укуктарды билишет<br>- укутардын приоритеттерин тургузушат<br>- биргелешкен чечимди кабыл алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир жуптагы бала үчүн «Баланын укуктары жөнүндө Конвенциядан» карточкаларга жазылып алынган укуктар, ар бир топ үчүн плакат, ар бир топ үчүн «Ромб сыяктуу жайгаштыруу» карточкалары |
| ***Убакыт:*** | Тапшырманы аткаруу бир сабактан узак убакытка созулушу мүмкүн |

**Иштин баскычтары:**

1. Окуучулар жупка бөлүнүшөт. Ар бир жупка 9 карточкадан турган комплект таратылып берилет, аларда Конвенциядан укуктар жазылган. Ар бир жупту укуктарды, алардын карточкадагы маанилүүлүгү боюнча ромбго ылайык (карточканы кара) жайгаштырууну суранат: эң маанилүү карточка өйдөдө, башка экөө – ылдыйраак, үчөө – үчүнчү деңгээлде, экөө – төртүнчү деңгээлде жана бирөө – бешинчи деңгээлде «абдан маанилүү укуктары менен».

2. Карточкаларды жайгаштыргандан кийин, 3 жупту 6 адамдан турган топко биригүүсүн сураныңыз. Аларга карточкалардын финалдык жайгашуусу жөнүндө сүйлөшүүгө 10 мүнөт берилет.

3. Жардамчы суроолорду пайдалануу менен, иштин ушул түрүнүн талкуусун уюштургула: Окуучулар бир чечимге келе алыштыбы? Кайсы суроо көбүрөөк талашты жаратты? Эмне үчүн укукту алардын маанилүүлүгү боюнча жайгаштыруу татаал? Бир укук толугу менен алынып салса, кандай натыйжа болмок эле? Эмне үчүн Конвенциядагы укуктардын барына бирдей макам (статус) берилген? Эмне үчүн бул укуктар бөлүнбөйт жана бири-бири менен байланышта?

4. Андан соң классты ушул укуктарга, окуучулардын коомчулугу жана өкмөт, сиздин оюңуз боюнча, берген маанилүүлүгүнө ылайык, белгилүү баа берүүнү сураныңыз: Кээ бир укуктарга өкмөт көбүрөөк маани берет деп ойлойсуңарбы? Сиздин коомчулукта, тынчтык маданиятын түзүү үчүн кайсы укуктар жакшыртылышы керек?

Конвенцияда кайсы укуктар, мүмкүн тынчтык маданиятын тургузууга жардам берүүдө калып калган?

| «Баланын укугу тууралуу Конвенциядан» жазылып алынган укуктар карточкалары | | |
|---|---|---|
| **Дискриминация** | **Турмуш деңгээли** | **Аты жана улуту** |
| Бардык балдардын бирөөнүн дагы калбай укугу бар. Мамлекеттин милдети дискриминациянын бардык формаларынан балдарды коргоо жана алардын укуктарынын кепилдигин камсыздоо үчүн активдүү чараларды кабыл алуу. | Ар бир бала анын физикалык, акыл-эс, руханий, моралдык жана социалдык өнүгүүсүнө түрткү берген турмуштун татыктуу деңгээлине укугу бар. Ата-энелер турмуштун тийиштүү деңгээлин балага камсыз кылууга жопкерчилик-те. Мамлекеттин милдети ушул милдет аткарылып жатканын көзөмөлдөө. | Бала төрөлгөндө ат алууга укуктуу. Бала ошондой эле улутка ээ болууга жана өзүнүн ата-энесин билүүгө жана алардын камкордугун узагыраак колдонууга укугу бар. |

| | | |
|---|---|---|
| **Ден-соолук жана ден-соолукту сактоо системасы**<br>Бала эң жогорку деңгээлдеги ден-соолукту сактоого укугу бар. Өкмөт биринчи жана профилактикалуу ден-соолукту коргоого, балдар өлүмүн кыскартууга өзгөчө көңүлүн бурушу керек. Ал дагы бул суроо боюнча эл аралык кызматташтыкты жүргүзүү керек. | **Билим берүү милдеттери**<br>Билим берүү баланын инсандыгын, анын талантын, акыл-эс жана физикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн багытталышы керек. Билим берүү баланы эркин коомдо чоң турмушка даярдашы керек жана ата-энелерге, анын өздүк маданияттык окшоштугуна, тилине жана балуулуктарына, ошондой эле башкалардын маданиятына жана баалуулуктарын сыйлоону демилгелөө керек. | **Жаштардын укуктары боюнча башкаруу**<br>Закон менен конфликте болгон бала, профилактикалык таасир кылууга укугу бар, ал адилеттүүлүккө жана кадыр-баркты сактоого кепилдик берет, көңүлгө анын курагын алат жана коомдо анын кайрадан интеграцияланышын камсыз кылат. |
| **Реабилитациялоо жөнүндө закон**<br>Өкмөт балдардын куралдык конфликттерден, кыйноолордон эксплуатациялардан, ачарчылыктан, таштап кеткен балдардын азап тарткандардын социалдык интеграциясы жана кайра калыбына келүү үчүн керектүү дарылоону камсыз кылууга милдеттүү. | **Балдар эмгеги**<br>Бала анын ден-соолугуна зыян келтирген, анын окуусуна жана өнүгүүсүнө жолтоо болгон жумуштан коргоонууга укугу бар. Өкмөт жумушка кабыл алуунун минималдуу курагын аныкташ керек жана жумушчу шарттарын уюштурушу керек. | **Эркин убакыт, кызыгуулар жана мадинияттык өнүгүү**<br>Бала эркин убакытка, оюнга жана маданияттык жана чыгармачыл ишмердүүлүккө укугу бар. |

**Ромб түрүндөгү карточка**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **1** | | |
| | **2** | | **3** | |
| **4** | | **5** | | **6** |
| | **7** | | **8** | |
| | | **9** | | |

**Тема: Тарых Рахат**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларды адамдарда алардын этникалык жана гендердик тиешелүүлүгүнө негизделип калыптанган ырым-жырымдарды талдоого үйрөтүү. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул иш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- гендердик стереотиптерди азайтат<br>- чогуу чечимдерди кабыл алат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир топ үчүн Рахаттын тарыхы тууралуу тексттер<br>Жооптордун карточкасы |
| ***Убакыт:*** | Тапшырмаларды аткаруу бир сабактан узакка созулуп кетиши мүмкүн |

**Иштин баскычтары:**

1. Катышуучуларды 2 топко бөлүңүз: биринчисинде – эркек балдар, экинчисинде – кыздар. Аларга Рахаттын тарыхынын көчүрмөсүн бериңиз; (А) – көчүрмөсүн – А тобуна (эркек балдарга), (В) копиясын – В тобуна (кыздарга).
2. Топтор ар түрдүү тексттерди окуп жатканын түшүнбөшү керектигине көңүлүңүздү буруңуз. Себеби аттар окшош, мугалим бардыгыңар Рахаттын тарыхын окуйсуңар, бир учурда – бул кыз, бир учурда – эркек бала деп комментарий бербестен, айтышы мүмкүн.

| **А тобу - Рахаттын тарыхы (А)** |
|---|
| Рахат – он эки жаштагы бала. Ал класстагы эң тынч бала. Рахат класс алдында сүйлөгөндө кичине тартынат, бирок ал кичинекей компанияларда эркин. Анын көп курдаштары жана достору бар. Рахат грамматика жана окууну жакшы билет, бирок анын көйгөйү математикада.<br>Мектептен кийин Рахат телевизор көргөндү жакшы көрөт. Ал көп окуйт, өзгөчө атактуулар жөнүндө жана жаныбарлар жөнүндө тарыхтарды. Ал паркта өзүнүн достору менен ойногонду жакшы көрөт жана кээде өзүнүн бөбөгүн карайт. Кээде ал идиш-аякты дагы жууйт, эгерде аны ата-энелер суранса. |
| **В тобу – Рахаттын тарыхы (В)** |
| Рахат – он эки жаштагы кыз. Ал класстагы абдан тынч кыз. Рахат класс алдында сүйлөгөндө кичине тартынат, бирок ал кичинекей компанияларда эркин. Анын көп курдаштары жана достору бар. Рахат грамматика жана окууну жакшы билет, бирок анын көйгөйү математикада.<br>Мектептен кийин Рахат телевизор көргөндү жакшы көрөт. Ал көп окуйт, өзгөчө атактуулар жөнүндө жана жаныбарлар жөнүндө тарыхтарды. Ал паркта өзүнүн достору менен ойногонду жакшы көрөт жана кээде өзүнүн бөбөгүн карайт. Кээде ал идиш-аякты дагы жууйт, эгерде аны ата-энелер суранса. |

3. Эки топко окшош суроону бериңиз, бир учурда башкы каарман – бала, экинчи учурда – кыз: Сизди Рахаттын тарыхында эмне таң калтырды?

**Болжолдуу жооптор менен карточка:**

| |
|---|
| - ал тартынчаак<br>- анын көп достору бар<br>- анын математика боюнча көйгөйү бар<br>- ал паркта достору менен ойногонду жакшы көрөт<br>- ал бөбөгү жөнүндө кам көрөт<br>- ал идиш- аяк жууйт |

Окуучулар тизмеден бир нече жоопту тандашы керек жана эмне үчүн аларды тандаганын далилдеш керек. Бул Рахат бала же кыз болгону менен байланыштабы?

***Тема:*** **Абаны булгоонун факторлору**

| | |
|---|---|
| ***Максаты:*** | Абаны булгоого кандай ар түрдүү факторлор таасир этерин окуучуларга түшүнүүгө жардам берүү. |
| ***Күтүүлүүчү натыйжа:*** | Бул жумуш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- айлана-чөйрөгө таасир эткен факторлорду айырмалай алышат<br>- экологияга начар таасир эткен кубулуштарды азайтышат<br>- ден-соолукту сактаган технологияларды колдонушат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Төрт – беш 2 литрдик этикеткасы жок тунук бөтөлкөлөр, 4 боек пигменттери, жыгач кашык, таза стакан |
| ***Убакыт:*** | Тапшырмаларды аткаруу бир сабактан узакка созулуп кетиши мүмкүн |

**Иштин баскычтары:**

1. 2 литрдик бөтөлкөнү суу менен толтургула. Окуучулар бөтөлкөдөгү суу – алар жашаган жана окуган райондун абасы деп элестетсин.

2. Таза стаканды суу менен толтуруңуз жана четке коюңуз. Бөтөлкөлөрдү столго коюңуз жана 4-5 окуучуну ар бир бөтөлкөнүн жанына туруусун сурангыла.

3. Түстүү пигменттер менен бөтөлкөнү ачкыла. Пигментти тамчылатуудан мурун, сууну кашык менен аралаштыргыла. Андан соң ар бөтөлкөгө пигментти тамчылаткыла жана ал сууда аралашканча бир нече мүнөт бергиле. Мугалим пигментти тамчылатуу менен бөтөлкөдөн бөтөлкөгө барат. Ал бул процессти ар түрдүү пигменттерди тамчылатуу менен 3 жолу ирети менен кайталайт; Түс аралашканын 5 мүнөт күтөт.

4. Мугалим ар түрдүү түстөгү пигменттерди сууга тамчылатканча, ал ар бир түс кандайдыр бир булгоонун булагы болуп көрсөтүлөрүн түшүндүрөт.

**Мисалы:**

| |
|---|
| - *кызыл* – машиналар жана унаалар<br>- *жашыл* - нефть жана бензин<br>- *көк* – калдыктарды өртөө ж.б. |

5. Түстөр жакшы аралашкандан кийин, мугалим бөтөлкөдөгү сууну стакандагы таза суу менен салыштырууну, төмөнкү суроолорду пайдалануу менен суранат:
- Кайсы сууну сиз ичкиңиз келет?
- Эгер суунун ордуна аба болсо, алар түстүү аба же таза аба менен дем алгылары келеби?
- Адам үчүн таза аба маанилүү деп ойлойсуңарбы?
- Абанын кандай кирдетүүчүлөрүн силер билесиңер?
- Абанын булгануусун азайтуу үчүн эмне кылуу керек?

**Формалдуу эмес окутуунун алкагында өткөрүлгөн сабактардын, иш-чаралардын макамы (статусу)**

- Сабактын тапшырмалары жана формалдуу эмес окутуу боюнча пландаштырылган иш-чаралар милдеттүү түрдө болуп эсептелбейт. Бул мугалим бул иш-чараларды балдар

үчүн жакынырaак деп эсептесе, ошондой пландаштыра алат дегенди билдирет. Ал дайыма кылдаттык менен формалдуу окутууда окуучулар тарабынан материалды өздөштүрүүнү жеңилдеткен жана жакшырткан милдеттерди аныкташы керек.

- Тапшырмалар убакыттык чектелүүгө ээ эмес. Тапшырмаларды аткаруу бир сабактан узакка созулуп кетиши мүмкүн. Бул материалды жакшы кабыл алышына түрткү берет.
- Формалдуу эмес окутууда стандарттуу тапшырмаларды колдонуу түп тамырынан кереги жок. Бул мугалимдерге формалдуу эмес класстарда окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы методдорду карап көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- Ушул контексте окуу планы боюнча тапшырмалар мугалимдин академиялык эркин аракетинин жыйынтыгы болуп эсептелинет. Мугалим өз алдынча пландаштырат, темаларды, класста иштеп чыга турган иштердин түрлөрүн жана милдеттерин тандайт.
- Иштелип чыккан тапшырмалар окутуунун белгилүү деңгээли менен байланышта эмес. Көпчүлүк учурда, окуучулар жашына карабастан бирдей татаал тапшырмаларды аткарып калышат.
- Тапшырмаларды аткаруу упай боюнча бааланбайт. Бул учурда окуучу эркин, баа берүүнүн үстөмдүгү жок. Бул сабакты окуучунун инсандыгын ачуу менен, эркинирээк кылат.
- Формалдуу эмес окутууда окуу планындагы тапшырмаларды пайдалануу заманбап көйгөйлөрдүн контекстинде чын эле илимий предметтерге жакындоо мүмкүнчүлүк катары каралат. Мугалим балдарды ойлонткон социалдык көйгөйлөрдү жана окуу билимдеринин комбинациялары катары окуучулар үчүн эң татаал предметтерди түшүндүрүүгө аракет кылышы керек.

**Корутунду катары биз төмөнкүлөрдү айтсак болот:**

- Бириктирилген окуу программалары окутууга мүмкүндүгү чектелген балдардын формалдуу мектепке социалдык көйгөйлөрдү жана интеграцияларды жеңүү үчүн бирден бир чечим болуп эсептелинет.
- Бириктирилген окуу пландарынын максат жана милдеттерин формулировкасы формалдуу эмес класстарды же топтордо иштеген мугалимдер үчүн бирден бир актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелинет.
- Бул милдеттердин маанилүүлүгү бир дагы академиялык предмет бербеген, окуучуларды билимдин жана көндүмдүн системасына жакындаткандыгында гана эмес, ошондой эле окуучуларга топто жана жалпы эле социумда өзүнүн мамилесин түзүүгө билгичтикти береберинде.

# II БӨЛҮК. НАТЫЙЖАЛУУ САБАК БЕРҮҮ ЖАНА ФОРМАЛДУУ ЭМЕС ОКУТУУДА МАТЕРИАЛДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**Көңүл бургула:**

- Жакшы мугалим – бул бардык окуучуларды сыйлаган, алардын ар түрдүүлүгүн кабыл алган, аларды уккан жана аларга көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берген адам.
- Балдарда кабыл алуунун ар түрдүү тибин жана бул мугалим тарабынан колдоону талап кылат.
- Окуучуга багытталган окутуунун методикасы, активдүү, интерактивдүү жана рефлексивдүү болуп эсептелинет жана окуучулук катышуу жана мугалимдик лидерлик жана колдоо аркылуу ишке ашат.
- Класстын уюшулушу натыйжалуу окутууну өткөрүү үчүн керек социалдык факторду эске алуу менен өтөт.
- Мугалим окутууга позитивдүү мотивацияны колдоого жөндөмдүү өзөктүү фигура болуп эсептелинет.

## 2.1. Мугалим жана натыйжалуу окутуу

**Кесипкөй мугалимдин мүнөздөмөсүн аныктоо үчүн төмөнкү суроолорду пайдаланууну сунуш кылынат:**

- Ал өзүн сабакта кантип алып жүрөт?
- Ал өзүн балдар менен формалдуу эмес сүйлөшүүдө кантип алып жүрөт?
- Ал кандай баалуулуктарга ээ?
- Ал кандай маалыматка ээ?
- Ал кайсы билим берүү базасына жана кесиптик даярдыгына ээ?
- Анын көрүнүшү кандай?
- Ал кандай интонацияны пайдаланат?
- Ал кесипкөй мугалим деген ишеними эмнеге негизделген?

Кесипкөй мугалим өзүнүн жүрүм-туруму жана мамилеси менен, бардык балдарды сыйлайт, аларды угат, аларга көйгөйлөрдү чечүүнү үйрөнүүгө жардам берет жана алардын идеяларын бөлүшөт. Сиз эмнени сабак бересиз маанилүүдөй эле, кантип сабак бересиз дагы маанилүү. Мугалимдин мамилеси, ал балдар менен жасаган тапшырмадай эле абдан маанилүү. Кесипкөй мугалим балдар материалды кантип өздөштүрүп жаткан өзөктүү принциптерди билиши жана түшүнүшү керек, ошондой эле ар түрдүү окутуунун методдорун кантип пайдаланышын билиши керек.

**Натыйжалуу окутуунун беш негизги критерийлери:**

1. Материалды логикалык ирettүүлүктө пландаштыргыла жана баяндагыла.
2. Сабакты окуучулардын социалдык жана интеллектуалдык деңгээлине жараша, алардын жекелик ар түрдүүлүгүн эске алуу менен өткөргүлө.
3. Окуучулар билгенин практикада пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылгыла.
4. Окуучуларга алардан эмнени күтүп жатканын түшүндүргүлө.
5. Окуучулардын ийгиликтерин алар өз алдынча өзүлөрүнүн каталарын таап жана оңдогондой болгондой көзөмөлдөгүлө жана баалагыла.

**Кесипкөй мугалим:**

- Так нускамаларды берет.
- Бүтүндөй иштегенге жөндөмдүү жана милдетти аткарганга багытталган.
- Өзүнүн оюн так баяндайт.
- Көптөгөн методикаларды жана стратегияларды пайдаланат.
- Окуучуларга алардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык окууга мүмкүнчүлүк берет жана ийгиликти стимулдаштырат.
- Конструктивдүү эскертүүлөрдү жана сунуштарды берет.
- Бардык балдардын салымын баалай алат.
- Окуучуларды сыйлайт.
- Чынчылдыкты, адилеттүүлүктү жана кызматташтыкты көрсөтөт.
- Окуучуларды ой жүгүртүү көндүмдөрүн жана көйгөйлөрдү чечүү билгичтигин өнүктүрүүгө, өзүнүн окуусуна көбүрөөк каалоосу жана тартылышын окутат жана демилгелейт.
- Окуучуларды кантип ойлонуу керек, кантип окуу керек, кантип өзүңдүн окууңду көзөмөлдөш керектигине үйрөтүүгө аракет кылат.
- Кызыктуу аңгемелешип отурган адам болгусу келет.

**Мугалим болушу керек:**

Позитивдүү вербалдуу сүйлөшүүнү көрсөтүү керек:
- сылык, сыпаа, ачык жана так сүйлөшүү керек
- маалыматтуу жана кызыктуу болушу керек
- суроолорду угуп жана аларды талкууга убакыт бөлүшү керек
- ар биринин көз карашын колдоп жана барктап, баалоого мүмкүнчүлүк бериши керек

Позитивдүү вербалдуу эмес сүйлөшүүнү көрсөтүү:
- жандоо тили
- бетинин түрүнөн

Жакшы угуу билгичтигин көрсөтүү:
- маалыматты угуу
- маалыматка комментарий берүү жана ойлонуу
- логикалык суроолорду берүү

**!!! Сүйлөшүү үчүн тоскоолдуктар: үндүн тону, жандоо тили, суроолордун тиби, сырткы келбети, жана тоотпогон мамиле болуп эсептелинет.**

## 2.2. Окутуу процесси

Балдар жана чоң адамдар, эгер алар активдүү окутуу процессине камтылса, көбүрөөк натыйжалуу окушат.

Материалды өздөштүрүү процесси жөнүндө абдан көп теориялар бар, ошондой эле алардын тибинин көптөгөн класификациялары. **Үч өзөктүү типтерге** басым жасайлы:

| Визуалдуу | Угуу | Кинестетикалык |
|---|---|---|

Мугалим баланын маалыматты өздөштүрүүнүн белгилүү тибин, аны окутууга багыттоо үчүн, аны окууга мотивдештирүүгө жана өзүн ийгиликтүү сезүүгө жардам берүү үчүн пайдаланышы керек. Бирок мугалим башка дагы өздөштүрүү типтерин пайдаланууга демилгелеши керек жана ар бирин турмушта кантип пайдалануу керектигин үйрөтүү керек.

| Өздөштүрүү тиби | Мүнөздүү сапаттар | Окутуу методдору |
|---|---|---|
| - Маалыматты визуалдуу кабыл алууга жөндөмдүү окуучулар | - сүрөт жана диаграммага артыкчылык берет | - төмөнкү визуалдуу материалдарды пайдалануу: сүрөттөр, таблицалар, карталар, графикалар ж.б. |
| | - ачык ой жүгүртүү образдарын түзүүгө муктаж | - мындай окуучу сиз сүйлөп жатканда сизди жакшы көрүп жатканына көзүңүз жетсин, сиздин жандооңузду жана бетиңиздин түрүн көргөндөй болсун |
| | - карталарды, таблицаларды, сүрөттөрдү жана видеону көрүүнү жакшы көрөт | - тестин маанилүү бөлүктөрүн белгилөө үчүн түстүү карандаштарды пайдалангыла.<br>- окуучуларга белги коюуга мүмкүнчүлүк бергиле же таркатылуучу материалдарды бергиле, сүрттөрдү таратып бергиле же мээ чабуул методун колдонгула.<br>- окуучуларды бир баянды жазууну жана аны кооздону сунуштагыла.<br>- тилдешип айтышпай тынч иштөөгө мүмкүнчүлүк бергиле.<br>- окуу үчүн сүрөттөрү жана диаграммалары менен китептерди камсыз кылгыла. |
| Маалыматты угуп кабыл алышкан окуучулар | - вербалдуу лекциялар аркылуу окушат, талкуулоо, башкалар эмне айтса угуу менен сүйлөшүүлөр | - окуучуларга класстык диспут жана дебаттарда катышууга мүмкүнчүлүк бергиле |
| | - тон, үндүн тембрин жана кептин ылдамдыгын угуу менен кептин жашыруун маанисин чечмелейт. | - элдин алдына чыгып сүйлөөгө жана презентациялоого мүмкүнчүлүк бергиле |

| | | |
|---|---|---|
| | - жазылган маалымат аны ал укмайынча азыраак мааниге ээ болот. | - жазуу үчүн диктафонду пайдаланууга мүмкүнчүлүк бергиле |
| | | - тексттерди үн чыгарып окугула<br>- окуучуларга ырдоого катышууга, ритмикалык кыймылдарды жасоого мүмкүнчүлүк бергиле ж.б.<br>- идеяларды талкуулагыла<br>- окуучуларга, алар жазып жатканда жаздыргыла<br>- өзүнүн көз карашын көрсөтүү үчүн окуяларды айтып бергиле |
| Кинестетикалык (тактилдүү жана физикалык) окуучулар | - өзүнүн тегерегиндеги мейкиндик менен карым-катнашта болуу менен өзүн кыймыл аркылуу көрсөтөт | - сабактарды кыскараак кылгыла жана тыныгууну окуучулар класстан сырткары өткөрүшүнө мүмкүнчүлүк бергиле |
| | - жакшы координация сезимине ээ | - эгерде бул мүмкүн болсо, сабак учурунда окуучуларга кыймылдоого мүмкүнчүлүк бергиле |
| | - бийлегенди, физикалык координацияны, спортту, өнөрлөрдү жакшы көрөт, жандоо тилин пайдаланат, кыймылдуу оюндарды, бир нерсени түзүп жана куруш үчүн колун пайдаланат. | - окуучуларга сүрөт тартуу үчүн ачык түстөрдү пайдаланууга мүмкүнчүлүк бергиле.<br>- окуучуларды өзүнүн ишин плакат түрүндө көрсөтүүсүн же аларды ролдор аркылуу ойноону сурангыла ж.б.<br>-окуучуларга маалыматты тез алуусуна мүмкүнчүлүк бергиле, андан соң кайрадан келгиле жана көбүрөөк майда-чүйдөсүнө чейин дагы бир жолу карагыла. |

**Эскертүү:** өздөштүрүүнүн типтери жөнүндө таблицаны жана окуучулардын мүнөздөмөлөрү менен тилкени окуу менен, биз дароо эле кайсы типти артык көрсөк, ошону элестетүү керек. Андан соң класстын окуучулары тууралуу ойлонуу керек. Биз аларды билебизби? Алар кандай ар түрдүү экендигин биз билебизби? Үчүнчү тилкеде класста пайдаланса боло турган иш-чаралардын түрлөрү берилет, бул мугалимге өзүнүн классында же топто күнүмдүк тапшырмаларды, аларды жаңы түрлөрүн кошуу менен сабактарды аткарууга жана пландаштырууга жардам берет.

## 2.3. Балдарга багытталган  тапшырамалар менен иштөөнүн методдору.

**Окуучуга багытталган тапшырмалар менен иштөө методикасы:**

| |
|---|
| - активдүү, интерактивдүү, рефлекстивдүү болуп эсептелет.<br>- окуучу үчүн кыйыр жана абстрактуу эмес,  чын эле  реалдуу жана маанилүү болгондугуна басым жасалат.<br>- окуучуга тапшырмалардын ар кандай түрлөрүнө катышууга мүмкүнчүлүк берет, көпчүлүгүндө жупта же өтө чоң эмес топтордо, ал жакта алар мугалимден гана эмес, бири-биринен билимди ала алышат жана алар талкуулай алышат жана өзүнүн идеялары менен алмаша алышат.<br>- окуучунун өздүк тажрыйбасын пайдаланат жана анда жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү негиздейт.<br>- окуучу жана мугалимдин бири-бирин сыйлоосун өнүктүрөт, позитивдүү сүйлөшүү идеялар менен бөлүшүүгө жана башкаларды угууга мүмкүнчүлүк берет.<br>- сабак учурунда натыйжалуу ишмердүүлүккө мотивация максатында окуучу үчүн ылайыктуу тартипти пайдаланат. |

Окуучуга багытталган окутууну колдонуу менен, мугалим класста же топто бардыгын билген адам эмес, ошондой эле окуучу болоорун белгилеп кетүү керек. Бирок мугалимге ар түрдүү окуучулардан турган  классты башкара алган кесипкөй жетекчи, лидер болушу керек. Мугалимге ошондой эле ар түрдүү материалды пайдалануу керек жана өзүнүн окуучуларын активдүү, интерактивдүү жана рефлексивдүү окутууга түрткү берүү керек.

Төмөнкү таблица төрт негизги фазаны көрсөтөт, ушул убакта окууда ийгиликке жетүү үчүн окуучу активдүүлүктү көрсөтүү керек. Бул цикл окуучуга багытталган метод менен ылайык келет. **Бул циклдын фазалары:**

| | **Фаза** | **Камтыйт ….** |
|---|---|---|
| **1** | Тажрыйба | Төмөнкү ишмердүүлүктүн түрлөрү: эшиктеги сабактар, ролдук оюндар, көрсөтүүлөр, топтук иш ж.б. |
| **2** | Талдоо | Эксперименттердин талдоосу, алардын мааниси |
| **3** | Корутунду | Окуучуларды өзүнүн жана бөтөн адамдын тажрыйбасынан, алынган билимден практикалык жыйынтык үчүн демилгелөө |
| **4** | Үйрөнгөндү пайдалануу (турмуштук көндүмдөр) | Өзүнүн жашоосундагы кырдаалдар менен үйрөнгөнү менен байланышта болгону үчүн окуучуларды демилгелөө |

***Предмет:*** **Эне тил: Комуз**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларды сабаттуу жана олуттуу окууга үйрөтүү |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Иш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- божомолдой алышат<br>- автордун оюн жана үзүндүнүн идеясын түшүнүү менен окушат<br>- өзүнүн эмоцияларын түшүндүрүү менен окушат<br>- үзүндүнүн тилин баалап жана түшүнүү үчүн окушат.<br>- каармандардын жүрүм-турумун талдай алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Такта, бор |
| ***Убакыт:*** | 45 мүнөт |

***Өзөктүү сөздөр:***: аңгеме, автор, каарман жана персонаж, идея, сөздүк байлык, толук окуу, интерпретация, баа берүү.

***Сабактын түзүлүшү:***

- Алдын ала болжолдоо жана алдын ала айтуу – 10 мүнөт
- Башкарып окутуу - 20 мүнөт
- Сеттеги дискуссия - 15 мүнөт

***Сабактын жүрүшү.***

**Алдын ала болжолдоо жана алдын ала айтуу.**

*Окуяларды эстөө (идеяларды талкуулоо жана өзөктүү сөздөр боюнча болжолдоо жана идеяларды талкуулоо).*

Мугалим окуучулардан сурайт: Комуз деген эмне?

Окуучулар комуз деген сөзгө өзүлөрүнүн ассоциацияларын айтып беришет.

Мугалим тактага 4 сөз жазат: ойноо, комуз, сатып алуу, каалоо.

Андан соң окуучуларды 10 мүнөттүн ичинде кыскача аңгеме ойлоп табуусун суранат. Окуучулардын кээ бир иштерин класста үн чыгарып окутса болот.

Мугалим алар окуй турган аңгемеге алардын окуялары жакын экендигин кичине кечирээк билесиңер деп түшүндүрөт.

**Багыттап окутуу.**

Мугалим бардык окуучуларды көңүл салуусун суранат. Алар тексти мугалим белгилеген бөлүк–бөлүк менен окуй тургандыгын айтып түшүндүрөт. Ар бир бөлүктү окуп бүткөндөн кийин окуучулар даярдалган суроолорго жооп беришет. Алар окуу үчүн тексти ачышат.

| **Биринчи бөлүк.** | **Мугалим сурайт:** |
|---|---|
| «Биздин акчалар… киного» | - Балдар кайдан акчаны иштеп табышты?<br>- Эмне үчүн алар ушундай жаш кезинде иштеши керек?<br>- Аңгемеде кайсы убак жөнүндө айтылат?<br>- Кайсы болжолдоо боюнча кеп мурунку тууралуу экендигин көрүнүп турат?<br>- Ата-энелер өзүлөрүнүн балдарынан акча албаганы туура кылыштыбы?<br>- «биздин жакшы жүрүм-турумубуз кайтат» - деген фразаны кантип түшүнөсүңөр? |

| | |
|---|---|
| | - Кандай деп ойлойсуңар, балдар акчаны кайда жок кылышат?<br>- Эмне үчүн окуганды ушундай түшүндүңөр?<br>- Кандай деп ойлойсуңар мындан ары эмне болот?<br>- Бул ойдун тастыкталышы кайсы ойдо? |

| . **Экинчи бөлүк.**<br>«Биз жүрдүк… чымчыктар сайрап жатышты» | **Мугалим сурайт:** |
|---|---|
| | - Балдар акчалар менен эмне кылды?<br>- Силер болжолдогондой болдубу?<br>- Алардын сүйүктүү дүкөнү кайда экен? Эмне үчүн?<br>- Сиздин оюңуз боюнча, балдар сатып алган бумдардын арасынан кызыктуулары кайсылар? Алардын ордунда силер эмне сатып алмак элеңер?<br>- Балдар комузду көргөн учурда силерге кандай сезимдер пайда болду?<br>- Мындан ары эмне болот? Эмне үчүн силер мындай деп ойлойсуңар? |

| **Үчүнчү бөлүк.**<br>«Канча турат…сатып алабыз?» | **Мугалим сурайт:** |
|---|---|
| | - Балдар эмне тууралуу сурашты?<br>- Эмне үчүн ал арзан болду?<br>- Балдар сатуучу менен келишим түзүштүбү? Келишим түзүү деген эмне?<br>- Бул кайсы убакытта болду, ошол учурда абал кандай эле?<br>- Ушул убакыт менен байланышта болгон башка кырдаалдар тууралуу айтып бергиле.<br>- Эмне үчүн Арсенге комуз жакты, качан ал колун кылына койгондо: анткени ал кооз беле… же?<br>- Кандай деп ойлойсуңар, балдар комуз сатып алабы? Эмне үчүн?<br>Аңгеме кантип бүтөт? |

| **Төртүнчү бөлүк.**<br>« …төбөсү көккө жетүү» | **Мугалим сурайт:** |
|---|---|
| | - Эмне үчүн балдар тез комуз сатып алгылары келишти?<br>-Силерге алардын чечими жактыбы? Алардын курмандыгы тууралуу эмне деп ойлойсуңар?<br>- Ушундай курмандыкка алып келе аласыңарбы? Эгерде ооба десеңер, ушул учур тууралуу айтып бергилечи, бул кандай болду эле?<br>- Комузду кантип пайдалануу тууралуу балдардын чечими силерге жактыбы?<br>- Силерге аңгеменин аягы жактыбы? |

| | |
|---|---|
| | - Аңгемени башкача бүтүрүүгө кандайдыр бир башка идеялар барбы,?<br>- Силерге жаккан сөз жана сүйлөмдөрдү тандагыла жана аларды чогуу түшүндүрүп бергиле?<br>- Аңгеме силердин божомолдоңорго окшош болдубу? |

**Андан соң талкуу жүрөт (дискуссия).**

| Комузду сатып алуу үчүн балдардын курмандыкка чалганы керек беле? | |
|---|---|
| **ООБА (аргументтер)** | **ЖОК (аргументтер)** |

Мугалим өйдөдө көрсөткөндөй тактага суроону жазат жана окуучуларга 5 мүнөттүн ичинде эки жоопко аргументтерди жазууну суранат.

## 2.4. Формалдуу эмес билим берүүнүн методдору жана ыкмалары

Формалдуу эмес билим берүүдө окутуу интерактивдүү болушу керек. Окутуунун бул формасы негизги мүнөздөмөсү боюнча айырмаланат. Ушундай окутуунун өзөктүү максаты – материалды ийгиликтүү өздөштүрүү. Бул дагы класстагы окуучуга багытталган бардык методикалардын негизги мүнөздөмөсү болуп эсептелинет.

Сунушталган таблица эң белгилүү жана пайдаланылган балдарга багытталган тапшырмалар менен иштөө методдорун чагылдырат:

| **Топтук иштин методдору** | **Изилдөө иштин методдору** |
|---|---|
| - талкуу<br>- кичи топтордо иштөө<br>- эксперт топтору<br>- ролдук оюндар жана моделдештирүү | - көйгөйдү чечүү<br>- издөө<br>- долбоор<br>- көйгөйдүн талдоосу<br>- байкоо жүргүзүү<br>- тарыхка экскурсия<br>- эксперимент |

Материалды өздөштүрүүнү көбүрөөк ийгиликтүү кылган кээ бир методдорду карайлы, алардын жардамы менен белгилүү максаттарга жетүүгө болот.

**Талкуу.**

Бул методдо окуучулар чогуу керектүү маалымат менен бөлүшүп жана алыш үчүн алдын ала берилген теманы талкуулашат. Бул тапшырманын түрүн аткаруунун ирети талкуу үчүн теманы тандоо менен, максатты аныктоо менен, катышуучуларга талкуу үчүн материалдарды таратуу менен, талкууну өнүктүрүү үчүн чөйрөнү түзүү менен байланышта.

**Ролдук оюн**

Бул метод пландаштырылган кырдаалды инсценировкалаш үчүн эки же андан көп окуучунун карым –катнашын талап кылат. Тапшырманын бул түрүн аткаруунун ирети инсценировкалап жаткан кырдаалды түшүнүү менен, окуучулар арасынан ролдорду бөлүштүрүү жана аныктоо менен, ар бир актер тарабынан ролдорду жаттоо менен байланышта.

**Топтук иш**

Бул метод сабакта 4-5 адамдан турган окуучулардын топторун уюштурууга мүмкүнчүлүк берет, алар белгилүү теманын үстүндө иштөө жана чогуу талкуу үчүн ар түрдүү деңгээлдеги даярдыкта, ар түрдүү жыныста жана расада болушу мүмкүн. Ар бир топтун өзүнүн лидери жана спикери болот. Топтор ар түрдүү критерийлер боюнча калыптанат, бирок, убакыт убакыт менен алар алмашып турушу маанилүү.

**Сурамжылоо**

Бул метод суроолорду берүүгө жана окуучулардан жооп алууга негизделген. Ушул ишмердүүлүктүн түрүн пайдалануунун максаты – сабак учурунда окуучуларды көбүрөөк активдүү аракеттерге мотивациялоо, аларды ойлонууга түрткү берүү, окуучуларга материалды түшүндүрүүгө жардам берүү.

**Интервью**

Бул метод эки окуучу менен аткарылат ( биринчи интервью алат, экинчиси интервью берет). Мектептеги интервью жөнөкөй көйгөйлөр боюнча жүргүзүлөт, бирок мугалим балдарга интервьюнун максатын аныктоого жардам бериши керек, ким интервью берерин жана кыска, так, түз суроолорду берерин  дайындайт.

**Фильм**

Бул метод коюлган максатка жетүү үчүн окуучуну так милдети менен  байкоочунун ролуна коет. Методикалык процедура фильмди көрүүгө даярдык менен, ушул фильм көрүү үчүн максатты аныктоо менен башталат. Көрүү учурунда катышуучуларды кызыктырган маалыматтар чогултулат, алар кунт коюу менен ойлонулат. Аягында эссе жазылат жана фильмди көргөндөн кийин жазылган  корутундулар басылып чыгарылат.

**Айлана**

Бул метод окуучуларга өзүнүн идеяларын , ойлорун, сезимдерин эркин айтууга мүмкүнчүлүк берет. Бардык окуучулар айланага турушат. Мындай жайгашуу алар баары тең дегенди түшүндүрөт. Талкуунун бардык түрлөрү кабыл алынат, бирок окуучу бир гана жолу айтууга укуктуу. Алар бири-бирин угуп жана бири-биринин сөзүн бөлбөй ирети менен айтышы керек. Биргелешкен аракеттер менен толераттулук жетишилет: окуучулар сөздү бөлүшпөйт, туура эмес формулировкаларга комментарий беришпейт, аягына чейин укпай туруп талашпайт.  Мугалим балдарды аларды угуп жатат дегенди сездирүүгө мотивдештирүү үчүн позитивдүү нерселерди айтышы керек.

**Добуш берүү**

Бул метод добуш берүү укугун пайдаланууга негизделген. Бул балдарга досун кандайдыр бир кызматка тандоого, аларга жаккан  оюнду, тапшырманын түрүн тандоого чечимди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Көпчүлүк учурда ушул ыкманын пайдаланышы класстагы кызматташууну тургузууну күчтүү жеңилдетет. Процедура катары добуш берүү

кандидатттын презентациясынан же ага добуш бере турган альтернативадан башталат. Добуш берүү бардыгы үчүн жабык болуп саналат. Добуш берүү өткөрүлдү. Жыйынтыктар саналат жана жеңип алган альтернатива жарыяланат.

**Күндөлүк**

Газетаны же күндөлүктү түзүү жана долбоорлоо өзүңдүн идеяңды же оюңдун эркин айтылышына түрткү берет. Күндөлүктү даярдоо ар түрдүү жолдор менен жүргүзүлөт. Мисалы, окуучулар жазышат, сүрөт тартышат, жалпы мааниде алар билдиргиси келген идеяларды жана көз караштарды белгилешет. Алар күндөлүккө ат беришет. Башка вариант – аларга жаккан газета жана журналдардан кесилген материалдардан газетаны жасоо. Газеталар ошондой эле, сыйлоого тарбиялоо үчүн кызмат кылышы мүмкүн жана укукту бузбай, өзүңдүн тапшырмаларыңды жана милдетиңди аткарат. Газетаны түзүү чоң биргелешкен аракеттерди жана фантазияларды талап кылат. Газета окуучулардын кызыгууларын көтөрөт, алар ушундан позитивдүү нерсени таап жана турмуштук маселелерди чечишет.

**Тема: Дүйнө бул…**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларда дүйнөнүн концепциясы тууралуу ачык ой пайда болушу үчүн аларды өзүнүн оюн айтууга демилгелөө. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул жумуш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- дүйнөнүн концепциясы жөнүндө өзүнүн оюн айта алышат<br>- өзүнүн түшүнүгү жана дүйнөнү кабыл алуусу менен алмаша алышат |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучу үчүн кагаздын 4 чарчысы, плакаттар, маркерлер |
| ***Убакыт:*** | Тапшырмаларды аткаруу бир сабактан узакка созулуп кетиши мүмкүн |

**Иштин баскычтары:**

1. Жекече иштөө менен, бири-бири менен талкуулабай, окуучулар барактын өзүнчө чарчысына төрт сүйлөмдү жазышат, «Дүйнө бул …» - деген сөздөрдөн баштап. Жазылган ойлор дүйнөнүн концепциясын алардын түшүнүүсүн чагылдырышы керек.

2. Окуучуларды топко бөлөт жана эмне жазышканын окуп берип, талкуулоосун суранат. Андан соң алар жалпы дүйнөнүн кыскача аныктамасын жазышат. Бул аныктаманы плакатка жазышат жана каалоосу боюнча сүрөт менен (символдор, адамдар менен ж.б.) коштошот.

3. Андан соң ар бир топ өзүнүн ишинин презентациясын өткөрөт, муну мугалим качан ыңгайлуу деп эсептеген учурда же тапшырма учурунда пайда болгон суроолор боюнча пленардык дискуссияда жасаса болот.

**Тема: Сөздөр менен кутуча**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Окуучуларга алардын курдаштарынын иштөөсү менен байланышта болгон, өзүнүн оюн сезим менен байланыштырууга жардам берүү. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Бул иш бүткөндөн кийин окуучулар:<br>- балдар эмгегине байланыштуу өзүнүн оюн жана сезимин билдире алышат<br>- балдар эмгеги суроосу боюнча дискуссияларга активдүү катыша алышат |

| | |
|---|---|
| ***Керектүү материалдар:*** | А-4 форматындагы кагаз, картон |
| ***Убакыт:*** | Тапшырмаларды аткаруу бир сабактан узакка созулуп кетиши мүмкүн |

**Иштин баскычтары:**

1. Окуучуларды мектепти таштаган жана көчөдө иштеген балдарды көргөндө же элестеткенде алар башынан өткөргөн өзүнүн сезимдерин жана эмоцияларын айтууну суранат. Андан соң окуучулардан, бир сөздү колдонуу менен, мисалы, «жалгыз, ачка, капалуу, чарчаган», кагазга үч эмоцияларын жана сезимдерин жазууну суранат. Окуучулар жазып бүткөндө, аларды кагазды тилимге бөлүүнү суранат, тилимдердин ар биринде бир сөз жазылышы керек болгондой бөлүнөт.

2. Андан соң окуучу тилимди кутучага салат, аларды аралаштырат жана алар кутучадан жазылган тилмени алыш үчүн окуучуларга берет. Ушундан кийин окуучу, кутучадан адган сөздү колдонуу менен балдар эмгеги жөнүндө сүйлөм түзүшү керек. Окуучуга иштеген жана жетишпегендикте жашаган баланын ордунда болуп сезип көрүүнү сунуштайт. Сүйлөм төмөнкү сөздөрдөн турушу керек *«Мен жалгызмын, анткени…», «Мен корком, анткени…», «Мен ачкамын, анткени…»* ж.б.

3. Андан соң класста пайда болгон сезимдер жана эмоциялар жөнүндө дискуссияга өтсө болот. Дискуссияда көбүрөөк окуучу катышканына көңүлдү буруу керек.

Биз төмөндө классты уштуруу, окуучуларды мотивациялоо жана окутууну пландаштыруу боюнча айрым методикалык сунуштарды беребиз:

Класстын уюштурулушу физикалык жана соиалдык факторлорго негизделген, мугалим жана окуучулар аларды сабак учурунда натыйжалуу пайдалануусу керек.

**Класстын ийгиликтүү уюштурулушунун кээ бир факторлору:**

- жакшы пландаштырылган кызыктуу сабактар
- класста позитивдүү мамилениe түзүлүшү
- окуучулардын окуу мотивациясы
- класстагы жүрүм-турум эрежелери
- кластагы позитивдүү тартип
- окуучу жана мугалимдин коммуникативдик көндүмдөрү

Формалдуу эмес класстарда же топтордо окуган окуучулар алардын мотивациясы бар учурда жакшыраак окушат. **Мотивацияны төмөнкү учурларда** өнүктүрсө болот:

- окутуунун максат жана милдеттерин ачык түшүнүү
- бар болгон билимдин жана көндүмдүн негизинин өнүгүүсү
- окутуу боюнча жоопкерчиликтин жана тандоонун бар болушу
- окулган материал боюнча жыйынтыктарды чыгаруу жана убакыттын бар экендигин талдоо

Пландаштыруу мугалимдин ишинин маанилүү бөлүгү болуп эсептелинет. Пландын негизи чечимди кабыл алуу болуп эсептелинет. Планды даярдоодо мугалим ар бир тапшырманын түрү үчүн максат жана милдеттери кандай болуш керек, кайсы материал тапшырманын белгилүү түрүн иштеп чыгуу үчүн дал келет, максаттарга жетүү үчүн кандай методикалар жана методдорду пайдаланыш керек, окуучулардын ийгилигин кантип баалаш

керектигин чечиши керек. Бул чечимди кабыл алуу процесси абдан татаал болуп эсептелинет, анткен себеби канча мугалим бар болсо, ошончо окутуунун стратегиялары бар.

**Формалдуу эмес класстарда сабакты пландаштырууда керектүү болуп эсептелген эки элемент:**

- мугалим эмнеге жетишкиси келип жатканын чечүү
- муну кантип жасоо керек

**Мугалимдер (мүмкүн окуучулар) өзүнө төмөнкү суроолорду бериши керек:**

- Мен эмнеге жетким келип жатат?
- Мен буга кантип жетишем?
- Менден кийин ким ага жетүү үчүн иштейт?
- Качан жана кайсы иретте тапшырмалар жасалат?
- Бул тапшырмалар үчүн кайсы маалымат булактары дал келет?
- Кайсы материалдар жана каражаттар керек?
- Бул процессти мен кантип баштайм?
- Мен кантип улантам?
- Мен максатка жеткенимди кантип түшүнөм?

# III БӨЛҮК. ФОРМАЛДЫК ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ САБАКТАР

Бул бөлүктө программадан сырткаркы окутуунун алкагында өткөрүлгөн бир нече сабактар берилет. Бул иш-чаралар формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалим тарабынан өткөрүлөт. Ал өзүнүн концепциясын дагы иштеп чыга алат. Белгилүү бир сабакты тандоодо кандайдыр бир критерий пайдаланылбайт, ошол эле убакта, сабактын темасы актуалдуу ойлорду, суроолорду же ушул куракттык аудиторияга ылайык аларды чечүү жолдорун козгошу керек. Ушул жерде келтирилген иш-чаралардын тизмеси толук болуп эсептелбейт. Балдар эмгегин жокко чыгаруу боюнча жана ушул багытта иштеген мугалимдердин ишин, программаны ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бул бөлүк жаңы идеялар жана методикалар менен толтурулушу керек.

**Тема: Дискриминация**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Балдар дискриминациянын концепциясын билиши керек жана талдоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк болуу жана ар түрдүү дискриминация учурларында өзүндүн оюнду билдирүү. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Мугалим жана окуучулар үчүн дептерлер, чыныгы дискриминация учурлары боюнча маалымат, ушул учурларды көрсөткөн сүрөттөр, юридикалык документтер, картон, карандаштар. |

**Иштин баскычтары:**

1. Ар бир окуучуга сүрөттөрдү таратат. Андан соң класстын бардыгы менен талкуулоо менен балдарды мазмунду баяндап берүүнү суранат. Андан кийин сүрөткө ат ойлоп табуу керек , ал үчүн түстүү кагаздан барактарды таратып берүү керек. Бул жумушту 4-5 адамга бөлүнгөн топ менен өткөрсө болот. Качан окуучу же топ ишти бүтсө, мугалим сүрөттөрдү жыйнап алат жана аларды таблица иретинде жайгаштырат.

2. Мугалим дискриминация менен байланышкан бар болгон эл аралык жана мамлекеттик нормативдик документтеринин негизинде аныктамалардын тизмесин даярдайт. Окуучулар талкуу үчүн паузаны кармоо менен аларды окушат. Андан кийин мугалим коштогон көрсөтмөлөрдү пайдалануу менен сабакка кыскача пикир (резюме) айтат.

| | |
|---|---|
| Эл аралык коомчулуктун мамлекеттер – катышуучулары бала же баланын макамына байланыштуу же анын ата-энелери, мыйзамдуу опекундары же башка үй-бүлө мүчөлөрү, алардын ишмердүүлүгү, билдирген көз караштары же ишенимдерине зордук корголгон болушу үчүн дискриминациянын бардык формасынан керектүү чараларды | 1. Адамдын укугу жана эркиндиги ажыратылгыс жана ар бирине төрөлгөндөн баштап тиешелүү. Адамдын укугу жана эркиндиги эң жогорку баалуулук. Алар тикеден-тике аракет кылышат, маанини аныкташат жана мыйзамдуу, аткаруучу бийликтин жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн мазмунун аныктайт.<br>2. Кыргыз Республикасы анын территориясынын ичинде жана анын юрисдикциясынын ичинде болгон бардык адамдарга адамдын укугун жана |

| | |
|---|---|
| кабыл алып жатышат.<br>2 / 2 беренеси<br>баланын укугу жөнүндө Конвенция | эркиндигин сыйлайт жана камсыз кылат.<br>Эч ким жынысы, тили, расасы, майыптуулугу, этникалык тиешелүүлүгү, динге ишенүүсү, курагы, саясий жана башка ишенимдери, билим берүүсү, теги, мүлктүк жана башка абалы, ошондой эле башка кырдаалдар боюнча дискриминацияланбайт.<br>Закон тарабынан сунушталган жана эл аралык милдеттенмелердин негизинде ар түрдүү социалдык топтор үчүн жеткиликтүү мүмкүнчүлүктү камсыз кылууга багытталган атайын чаралар дискриминация болуп эсептелбейт.<br>3. Кыргыз Республикасында бардыгы закон жана сот алдында бирдей.<br>4. Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар тең укукка жана эркиндикке, аларды ишке ашыруу үчүн тең мүмкүнчүлүккө ээ.<br>5. Кыргыз Республикасында баланын кызыгуусун абдан жакшы камсыз кылуу принциби иштейт.<br>**КР Конститутсиясы 16 -берене** |
| Дискриминация – бул кимдир-бирөөгө өзгөчө негативдүү мамиле, теңдүүлүктүн жоктугу, ошондой эле укугунун чектелиши же толук жок болушу. | Бул Конвенцияда кабыл алынган укуктар жана эркиндик менен колдонуу, бардык белгилер боюнча, жынысы, терисинин түсү, тили, динге ишенүүсү, саясий же башка ишенимдери, улуттук же социалдык келип чыгышы, улуттук азчылыкка тиешелүүлүгү, материалдык абалы, социалдык жана башка абалы эч кандай дискриминациясыз камсыз кылынышы керек.<br>14- берене: Дискриминацияга каршы туруу<br>Адамдардын укугу жөнүндө Европалык конвенция |

3. Балдарга кээ бир дискриминацияга тиешелүү социалдык иштер боюнча материалдарды берүү. Окуучулар топто ар бир учур боюнча комментарий бериши керек. Сабактын аягында алар өзүлөрүнүн жайынтыгын сунушташат.

| **Дискриминация учуру** | **Комментарий:** |
|---|---|
| Ата-энелер мектептин төртүнчү классын бүткөн кызына окуусун улантууга уруксат беришпейт. | |
| Көпчүлүк учурда балдарга алар чоң адамдар жасаган жумушту жасаса дагы, азыраак айлык маяна төлөп беришет. | |
| Аялдар жетекчилик кызматка эркектерге караганда азыраак дайындалышат. | |
| Арендаторлор өзүлөрүнүн үйлөрүн жетиле элек балдары менен үй-бүлөгө бергилери келишпейт. | |

**Предмет: Математика**

**Тема: Мен билем диаграммаларды кантип жасоо керек.**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Окуучулар төмөнкү багыттар боюнча практикалык көндүмдөрдү алышы керек:<br>- Ар түрдүү окуялар жөнүндө статистикалык маалыматты чогултуу.<br>- Объекттер жана окуялардын классификациясы.<br>- Статистикалык маалымат менен жөнөкөй таблицаны түзүү.<br>- Графиктерди түзүү.<br>- Диаграммалар. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Математика боюнча окуу колдонмосу, сызгычтар, түстүү карандаштар, тактада даярдалган таблицалар . |


**<u>Иштин баскычтары:</u>**

1. Окуучуларга анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн жана туугандарынын (кошуналар, достор ж.б.) төрөлгөн күнү боюнча маалыматты берүүнү сунуштайт. Ар бир окуучу 20 адамга маалыматты бериши керек. Маалыматтар төмөнкү таблицада берилиши керек (мугалим тарабынан таратылып берилет).

| **№** | **Айы** | **Аты** |
|---|---|---|
| **1** | **Январь** | **Каныбек** |
| **2** | **Февраль** | |
| **3** | **Март** | |
| **4** | **Апрель** | |
| **5** | **Май** | |
| **6.** | **Июнь** | |
| **7** | **Июль** | |
| **8** | **Август** | |
| **9** | **Сентябрь** | |
| **10** | **Октябрь** | |
| **11** | **Ноябрь** | |
| **12** | **Декабрь** | |

2. Класс ар биринде 6-8 окуучудан турган топко бөлүнөт. Талкуу ар бир топто өткөрүлөт: окуучу, анын таблицасынын маалыматына ылайык, январ айында төрөлгөн адамдар жөнүндө айтат. Ал ар бирине мүнөздөмө бериши керек, Каныбек, менин таякем, ал 43 жашта, ал инженер, музыканы жакшы көрөт. Андан кийин окуучу февралда төрөлгөн адамдар тууралуу айтып берет ж.б.у.с.
Натыйжасында жыйынтыктоо таблицасы калыптанат, ага бардык маалыматтар киргизилген.

3. Таблица топтун бардык мүчөлөрүнө таратылып берилет. Топ өзүнүн маалыматынын негизинде график жасайт. Андан кийин топтор арасында диаграммалар менен алмашуу жүрөт.




4. Топтор бири-бирине дагы суроолорду берсе болот мисалы, «кайсы айда көбүрөөк адамдар төрөлгөн?» «Кайсы айда эч ким төрөлгөн жок?», «Апрель менен салыштырмалуу сентябрь айында төрөлгөндөрдүн саны жогоруладыбы же азайдыбы?».

**Предмет: Тарых**

**Тема: Кыргыз элинин орто кылымдагы маданияты**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Ишмердүүлүк бүткөндөн кийин, окуучулар:<br>- кыргыз искусствосу жана кийим стили үчүн мүнөздүү жактарын аныктай алышат;<br>- чыныгы искусство жана кийимдин стили менен жалпы жактарын таба алышат;<br>- азыркы жана традициянын ортосундагы байланышты аныктай алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Кыргыз маданиятын көрсөткөн сүрөттөр же класстын бардыгы үчүн археологиялык ачылыштардын альбому |

**Иштин баскычтары:**

1.Мугалим ушул учурда табылган археологиялык эстеликтерди жана жашаган жерлерди, кыргыз элинин предметтеринин сүрөттөрүн көрсөтөт. Карап жана талкуулап бүткөндөн кийин, предметтердин, сүрөттөрдүн, орто кылымдагы кыргыз элинин жашоо образына көрсөтөт, аларды флипчартка жазат. Андан кийин кыскача пикир айтат.

Эки окуучуга, бир балага жана бир кызга, тактага чыгууну сунуш кылат. Эркек жана аял кийимдеринин сүрөттөрүн көрүү менен, окуучулар аларды өзүнө кийдим деп элестетип жана баяндап бериши керек.

2. Мугалим окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулайт:

• Азыркы учурда биз орто кылымдагы кыргыз элинин маданиятынын элементи менен кездешебизби, жашоонун төмөнкү көз карашында: күндөлүк турмуш, маданият, тил жана жашоо образы? Сиз эмнени пайдаланасыз?

• Биздин күнүмкү кийимибизде эмне традициялык кийимге тиешелүү? Кайсы элементтер сакталып калган? Келечекте стилди кантип өзгөртүү мүмкүн?

**Предмет: математика, биология**

***Тема: Азыктардын жарамдуулук мөнөөтү***

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Окуучулар :<br>- Тамак азык-түлүктүн ар түрдүү маркировкасын жарамдуулук мөнөөтүн аныктоо үчүн окуй алышат.<br>- Убакыт боюнча расчетторду жасоо (жылдарда, айларда жана күндөрдө календарь). |
| ***Керектүү материалдар:*** | Этикеткалар жана тамак-аштын упаковкалары |

**Иштөө баскычтары:**

1. Класс 6-8 окуучу боюнча топко бөлүнөт. Ар бар топко ар түрдүү этикеткалар жана тамак-аштын упаковкалары таратылып берилет, аларды андан соң классификациялоо керек. Эгерде окуучулар алар карай турган азык-түлүктүн тибине жараша топтолсо, жакшы болот. Мисалы, кээ бир топто кондитердик продуктыларды, башкалары сүт продуктыларын, үчүнчүсү эт продуктысын ж.б. Топторго өзүнүн чечиминин пайдасына аргументти келтирип жана талкуулоо керек. Андан соң класстын акыркы топторун алмаштырууну өткөрүү керек.

2. Ар бир топко белгилүү тамак –аш типтеги этикетка берилет, мисалы, биринчи топко сүт продукциясынын этикеткасы берилет, экинчиге конфеттер ж.б. Бир топтун катышуучулары комментарий менен бөлүшүшөт. Дискуссия мөнөөтү өтүп кетүү менен байланыштуу болушу керек. Топ мөнөөтү өткөн учурдан баштап канча өткөн убакытты белгилейт, же мөнөөт бүтөрүнө канча убакыт калганын эсептейт. Саноо жылдар, айлар, жумалар, күндөрдөн башталышы керек. Товарлардын мөнөөтү өтүп бара жаткан тамак –аштарга кичинекей таблица менен белгилениши керек: «*Көңүл бургула! Жарамдуулук мөнөөтү өтүп бара жатат».*

3. Класста талкуу. Продуктыларды сатып алуудагы бузуулар башка учурлары талкууланат. Жарамдуулук мөнөөтү өтүп кеткен, алардын классификациясы, мисалы, жарамдуулук мөнөөтү кээ бир продуктылардын рыноктук баасын түшүрөт, бирок аларды пайдалануу ден-соолукка орчундуу зыян келтирет (мисалы, атырларды, кремдер ж.б.) продуктыларды пайдалануу тобокелин талкуулоо.

Ушул эле учурда, тамак – аш продуктыларын колдонуу, мисалы, бир ингредиет катары жумуртка кирсе, уулануу тобокели алып жүрөт. Өзгөчө көңүл дарыларга бурулушу керек, өзгөчө нускамалар чет тилче жазылгандарга. Талкуу төмөнкү жыйынтыкка келиши керек: ата-энелер дарыларды алуудан мурун анын упаковкасын карашы керек, пайдалануу нускамасын окуп жана жарамдуулук мөнөөтүн сактоо. Бул жерден окуучулар өзүлөрүнүн мисалдарын келтиришсе болот.

**Предмет: Кыргызстандын географиясы**

***Тема:_Тянь-Шань тоолуу өлкө***

| | |
|---|---|
| ***Күтүлгүүчү натыйжа:*** | Сабактын жыйынтыгында окуучулар: • Кыргызстандыг тоолуу чынжырларынын рельфинин формасын, географиялык абалын аныктай алышат. • Биздин өлкөнүн туристик манисин аныктай алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Класстын баары үчүн Кыргызстандын физикалык картасы, ар бир окуучу үчүн, флипчарт, маркерлер, скотч жана кайчы. |

**Иштин баскычтары:**

1. Класс топторго бөлүнгөндөн кийин, (беш топко бөлүнсө жакшы), мугалим ар бир топко тапшырма берет. Ар бир топтун милдети төмөнкүдөн турат: Сиз туристтик агенстводо иштейсиз деп болжолдойлук жана сизге Кыргызстандын тоолору тууралуу брошюра даярдаш керек деген тапшырма берилди. Рекламанын текстин иштеп чыгууда, анын максаты көбүрөөк туристтерди тартуу болуп жатканын белгилеп кетүү керек. Текстин мазмуну эркин болушу мүмкүн, бирок, ушул эле учурда ал өзүнө төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

– Кыргызстандын геграфиялык абалын.

– Үстөмдүк кылган рельефтин формасын, бир нече тоолуу кыркаларды жана тоо ортосундагы өрөөндөрдү баяндоо.

– Климаттын тиби.

– Негизги суулар.

– Флора жана фауна.

– Ландшафтын коохдугу.

– Калк.

– Чоң калк жашаган жерлерди баяндоо.

– Экология.

– Аймактын өнүгүү перспективасы.

Брошюра туристтик справочник, Кыргызстандын физикалык жана адимнистративдик картасы менен бүтүшү керек.

Милдетти жеңилдетүү үчүн мугалим тактага текстке кириши керек болгон көз караштарды жазат. Андан кийин ар бир топ тактада топтун ишин презентация кылыш үчүн өкүлдү тандайт. Презентациянын аягында мугалим, көрсөтмөлөрдү пайдалануу менен кыскача пикир айтат.

2. Жалпы талкууда төмөнкү темалар каралат:

– Кыргызстан туризмди өнүктүрүү үчүн жеткиликтүү ресурстары барбы?

– Кыргызстандын туризмди өнүктүрүүдө кандай перспективалары бар?

– Дүйнөдө, окшош физикалык-географиялык шарттарга ээ болгон кандай башка туристтик жерлерди билесиңер?

– Кимдир бирөө ушул жерлерге барганбы? Алар кандай ойлорду пайда кылат?

Эскертүү: Сабактын концепциясын Кыргызстандын география боюнча сабагында пайдаланса болот.

***Тема:*** **Курдаштар тарабынан жаман таасир**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Сабак бүткөндөн кийин окуучулар:<br>• Курдаштар тарабынан кысууну идентификациялай алышат.<br>• Курдаштар тарабынан кимдир бирөөгө чечим кабыл алуу үчүн кысуунун натыйжасын баяндай алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | «же» «жебе» деген сөздөр жазылган кагаздын майда барактары жана конфетин кутучасы. |

**Иштин баскычтары:**

1. Класс айлананы түзөт, конфеттин кутучасын ортого коет. Ар бир окуучуга «же», «жебе» деген жазуусу бар майда барактар таратылып берилет. Милдеттер коюлат: «же» деген жазуусу бар барак алган балдар «жебе» деген жазуусу бар барак алган балдарды жегенде ишендириши керек.

2. Ушул аракеттерден кийин курдаштар тарабынын бири-бирине кысуу учурун талкулоо башталат (ошону менен бирге, тамеки чегүүгө чакыруу менен байланышкан).

Эскертүү: мугалим окуучулар курдаштардын жаман таасиринен, ошону менен бирге тамеки чегүү менен байланышкан коргоонуу керектигин түшүнгөндөй кылып талкууну багыттайт.

**Тема: Ассоциациялар**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында аналитикалык жыйынтыктар, көз караштардын интерпретациясы, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүжана түшүнүүгө жетишүү. |
| ***Керектүү материалдар:*** | 3-4 окуучудан турган ар бир топ үчүн: экиге бөлүнгөн сүрөттөр, флипчарт, 2 маркер жана скотч |

**Иштин баскычтары:**

1. Окуучулар 3-4 адамдан турган топко бөлүнүшөт, ар бир топко сүрөттүн бөлүктөрү таратылат. Алар тактага чапташат. Биринчи баскыч сезимдерди, эмоцияларды билдирүүдөн жана сүрөттөрдү кароодо пайда болгон суроолордон турат. Кыскача пикир сүрөттүн өзүндө жазылышы керек. Окуучулар үчүн экинчи тапшырма алар карап жаткан сүрөт эмнени бөлүгү болгонун аныктоо болот. Жалпы чечимди кабыл алуудан кийин, жалпы сүрөт пайда болуш үчүн кошумчалоо карандаш менен тартылат.

2. Андан соң мугалим ар бир топ үчүн сүрөттүн экинчи бөлүгүн таратат. Алар толук сүрөттү чапташат. Топтун мүчөлөрү өзүнүн сезимдерин, эмоцияларын билдирип жана жаңы суроолорду беришет, бардыгы ар түрдүү маркерлер менен сүрөткө жазылат.

3. Андан кийин болжолдогон менен реалдуу сүрөттүн ортосундагы айырмачылыктарды тандашат.

Эскертүү: Сабакка кызыгууну жогорулатуу үчүн, сүрөттүн жок болгон бөлүгүндө күтүлбөгөн элемент бар сүрөттөрдү тандаш керек. Ушул учурда дүркүрөгөн талкууга, окуучулардын активдүү ишмердүүлүгүнө жана кызыгуусуна кепилдик берилет.

**Тема: Дүйнөлүк коомчулук**

| | |
|---|---|
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Өлкөлөр арасында бар болгон ар түрдүүлүк жөнүндө окуучулардын маалыматтуулук деңгээлин жогорулатуу. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучуга саясий картанын көчүрмөсү, карандаш. |

**Иштин баскычтары:**

Мугалим алдын ала дүйнөнүн саясий картасынын көчүрмөсүн жасап коет, ал ар бир окуучуга таратылат.

1. Окуучуларды топко бөлүп жана аларга дүйнөнүн картасынын көчүрмөсүн таратат. Топтордо алардын туугандары эмиграцияланган өлкөлөрдү көрсөтүшөт. Ушул өлкөлөрдүн аттарын кагазга жазса болот.
2. Андан кийин топту кээ бир өлкөлөр жөнүндө айтып берүүсүн суранат. Алар этникалык тобу, тили, климаты, тамагы, музыкасы, кийими, кооздугу жөнүндө айтышса болот.
3. Ар бир топ өзүлөрүнүн корутундусун класстын алдында айтып беришет. Презентация мугалимдин комментарийи менен коштолот.

Эскертүү: Сабак үчүн өлкөлөрдүн аттарын камтыбаган карталарды даярдаса болот, бул учурда окуучулардан баяндап жаткан өлкөнүн жайгашкан жерин аныктап берүүсүн сураса болот.

**Тема: Балдар эмгегинин натыйжасы**

| | |
|---|---|
| ***Максаты:*** | Иштеген балдар дуушар болгон ден-соолук үчүн тобокелдерди табуу |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Сабак бүткөндөн кийин окуучулар:<br>•алардын курдаштары аткарган кээ бир иштин түрүн аныктай алышат;<br>• балдар үчүн иштин тобокелин жана артыкчылыгын баалай алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир окуучу үчүн дептер, кагаз, маркерлер |

**Иштин баскычтары:**

1. 2 баскычтан кийин окуучуларды алар же алардын тааныштары аткарган, балага зыяндуу таасир эткен ар түрдүү иштердин түрлөрүн саноону суранат.

*КОММЕНТАРИЙ: Иш жеңил жана балдар үчүн пайдалуу дагы болушу мүмкүн, бирок балага начар таасир эткен оор жумуш учурлары болушу мүмкүн: кайыр суроо, эшикте товар сатуу, унааларда акча жыйноо ж.б.*

2. Жуптардагы иштен кийин, окуучулар дептерлерине төмөнкү таблицаны толтурушат.

| **Иштин түрү** | **Артыкчылыгы** | **обокелчилик/коркунучтар** | **Бул жумушту ким жүргүзөт** |
|---|---|---|---|
| | | | |

Ар бир иштин түрүнүн жанында өйдөдө эскертилгендей биринчи тилкеге кээ бир артыкчылыктарды , тобокелчиликти же зыянды жана жумушту аткарган таанышты жазышы керек.

3. Бул баскычта үч жуп чогуу талкуулашат жана өзүлөрүнүн жазуулары менен бөлүшүшөт. Бир топтун окуучулары бири-бири менен тиги же бул учурлардагы балдар эмгегинин артыкчылыктарын жана тобокелин талкуулап талашса болот.

4. Андан кийин төмөнкү суроолор боюнча жалпы талкуу өткөрүлөт:

- Иштин ушул түрү балдар үчүн тегиз пайдалуу болуп эсептелинеби?
- Эмнени окуучулар коркунучтуу иш деп эсептешет, эмнени алар жасабашы керек жана эмне үчүн?
- Бала үчүн ылайыктуу эмес иш кандай чоң көйгөйлөрдү жана тобокелдерди алып келет?
- Зяндуу иштерде окуучулардын өзү катышкан учурлар болду беле?
- Зыян иштин шексиз негативдүү натыйжаларын санагыла.

**Тема: Зордук**

| | |
|---|---|
| ***Максат:*** | Түз жана кыйыр зордуктун концепцияларынын обзору. |
| ***Күтүлүүчү натыйжа:*** | Ишмердүүлүк аяктаганда окуучулар:<br>♣ Түз жана кыйыр зордук түшүнүгүн айырмалай алышат;<br>♣ Түз жана кыйыр зордуктун мисалдарын диаграммада жайгаштыра алышат;<br>♣ Тынчтык коомчулук үчүн керектүү шарттарды аныктай алышат. |
| ***Керектүү материалдар:*** | Ар бир балага үч барак кагаз, флип-чарт, скотч ар бир топко и маркерлер |


**Иштин баскычтары:**

1. Уккан же окуган маалыматтын негизинде окуучуларды тоготпогон мамиленин, зордуктун, майып болуунун жана өлтүрүүнүн үч мисалын жазууну суранат. Ар бир мисал өзүнчө баракка жазылышы керек. Эгерде мисал инсан аралык мамилени, социалдык топтун башка конфликттин жана акыркы эл аралык деңгээлдеги окуяны баяндаганды көрсөтсө, жакшы болмок.

2. Класс зордук түз болоору тууралуу, ал бир же бир нече адамдардын физикалык зордук иретинде же зордук кыйыр болушу мүмкүн жана башка социалдык, саясий, экономикалык жана диний коомчулуктун өкүлдөрүнө карата моралдык таасир берүү түрүндө колдонулушу мүмкүн.

Окуучулар 5 жана 6 адамдан турган топту түзүшөт жана бири-бири менен мисалдары менен бөлүшүшөт. Флип – чартка топ сүрөттө көрсөтүлгөн диаграмманы тартышат.

**Кыйыр зордук**



**Түз зордук**

3. Окуучуларды өзүнчө мисалды карап көрүшүн суранат жана аны оң тараптагы айланага жайгаштуурусун суранат. Аяктагандан кийин презентация үчүн ар бир топтон өкүл тандалат.
4. Презентация өткөрүлгөндөн кийин жалпы зордуктоо суроолору жана мектепте жана

коомчулукта тынчтык шарттарды камсыз кылуу боюнча  жалпы дискуссия өткөрүлөт.

– мисалдарды схемага жайгаштырып жатканда топ кандай кыйынчылыктарга туш келди?

– ушул кыйынчылыктардын пайда болуу себептери

– кандай даражада түз жана кыйыр зордуктоо бири-бири менен байланышта?

– зордуктоону алдын алуу жана коргонуу үчүн кандай натыйжалуу куралдар бар?

– сиздин чөйрөдө тынчтыкта жашоо үчүн кандай шарттар бар?

Мугалим талкуунун жүрүшүнө байланыштуу кийинки талкуунун предмети боло турган кошумча суроолорду аныктай алат.

# КОРУТУНДУ

Формалдуу эмес билим берүү бара-бара дүйнөлүк мейкиндикте, бардыгы үчүн Билим берүү  жана Миң Жылдык Өнүгүү программаларынын максаттарына жетишүүдө, абдан маанилүү ролду ойной баштады, ошондой эле Кыргыз Республикасында актуалдуу болуп бара жатат.

Формалдуу эмес билим берүү, бул колдонмодо көрсөткөндөй, мектепке барбаган же жакынкы келечекте андан чыгып кетүүгө (тобокел тобу)  тобокел кылган балдар үчүн өзгөчөлөнгөн муктаждыгын эске алуу менен иштин конкреттүү формаларын тандайт.

Колдонмодо келтирилген формалдуу эмес билим берүүнүн иш формасы жана тематикасы ар түрдүү, бирок алардын баары «керектөөлөрүнө жараша окутуу», «практика менен байланыш», «ийкемдүү программа, сабактын жүгүртмөсү жана аны өткөрүү жерин тандоо» принциптерине негизделген.

Формалдуу эмес билим  берүүнүн адамдардын жыргалчылыгын жогорулатуу суроолору менен көбүүрөөк тыгыз байланышы бардыгы үчүн Билим берүү  жана Миң Жылдык Өнүгүүнүн милдеттерин чечүүгө кызмат кылат. Сөз билим берүү инсандын өнүгүү потенциалын керектиги  жана коомдук өнүгүүнүн милдеттерин эске алуусу тууралуу болуп жатат. Билим берүү жана өнүгүү боюнча чаралардын координациясы жакшыраак болсо, ошончолук алар өлкөнүн атуулдарынын муктаждыктарына жооп беришет.

Формалдуу билим берүүнүн ар түрдүү системаларынын мүмкүнчүлүктөрү чексиз жана ошондуктан алар калктын эң кедей бөлүктөрүн толугу менен камтый алышпайт.

Формалдуу эмес билим берүү боюнча колдонмону пайдаланышкан педагогдорго кантип формалдуу эмес билим берүүнүн артыкчылыктарын колдонууга жана традициялык түзүлүшкө киргизүүгө болот дегенди кунт коюп ойлонуу керек.

Биз «Формалдуу эмес билим берүү боюнча методикалык колдонмо» Кыргызстандын билим берүү  уюмдарында практикалык колдонууну табат деген ишенимдебиз.


Басууга кол коюлду 06.11.2015
Форматы: 60х84/8.    Офсет кагазы.
Көлөмү:  5,25  б.т.            Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru